**2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Ош шаарынын бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына, бюджеттердин аткарылышына жана муниципалдык ишканалардын ишине жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө отчет**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2023-жылга аудитордук иш планынын негизинде, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитору П.С. Батировдун жетекчилиги астында, курамында башкы мамлекеттик инспекторлор А.Ж. Жакшылыков, И.К. Абдылакимов жана мамлекеттик инспекторлор А.С. Малдыбаев, Б.Э. Жумаев, М.Ж. Артыков, С.Т. Курманбекова, А.Ж. Кочкорбаевдер болгон аудит тобу тарабынан 2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Ош шаарынын бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына, бюджеттердин аткарылышына жана муниципалдык ишканалардын ишине шайкештик аудити жүргүзүлдү.

Ошондой эле, Ош шаарынын мэриясынын Капиталдык курулуш башкармалыгынын, Ош шаардык жолдор муниципалдык ишканасынын, “А. Сүйүнбаев атындагы Ош шаардык стадиону” муниципалдык ишканасынын жана муниципалдык аймактык башкармалыктарынын реконструкциялоого жана курулуш-монтаждоо иштерине бөлүнгөн финансылык каражаттарынын чыгымдарынын тууралыгына жана негиздүүлүгүнө аудит Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн курулуш боюнча мамлекеттик инспектору А.А. Ураимов тарабынан жүргүзүлдү.

**Аудиттин максаты:** Ош шаарынын бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына, бюджеттердин аткарылышына жана муниципалдык ишканалардын ишине шайкештик аудитин жүргүзүү.

**Аудиттин мезгили:** 2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейин.

**Аудиттин түрү:** Шайкештик аудити.

**Аудит объектилери:** Ош шаардык Кеңеши, Ош шаарынын мэриясы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Ош финансы башкармалыгы жана Ош шаарынын мэриясына караштуу бюджеттик мекемелер жана чарбалык ишканалар.

Белгилей кетчү жагдай, Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкаруу башкармалыгына Кыргыз Республикасынын УКМКнын Ош шаары жана Ош областы боюнча тергөө башкармалыгы тарабынан 2015-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки бухгалтердик иш кагаздары алынгандыгына байланыштуу аудит жүргүзүлгөн жок.

**Аудиттин предмети:**

Аудит предмети болуп, муниципалдык каражаттарды жана мүлктү башкаруу жаатында бюджеттик мыйзамдын талаптарына ылайык, жергиликтүү

бюджетти аткаруу боюнча Ош шаарынын мэриясынын ишин баалоо болуп эсептелет.

Аудиттин көлөмүнө киргизилген маселелер:

- жергиликтүү бюджетти түзүү жана аткаруу процессин жөнгө салуучу ченемдик документтердин жана мыйзам ченемдеринин сакталышына жана аткарылышына аудит;
- жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышын талдоо;
- жергиликтүү бюджеттин чыгымдар бөлүгүнүн аткарылышын талдоо;
- Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык карызынын абалына жана тейленишине аудит;
- муниципалдык бюджеттик мекемелердин чыгымдар сметасынын аткарылышына аудит;
- муниципалдык ишканалардын бюджетинин аткарылышына аудит;
- муниципалдык менчикти башкаруу боюнча ишти талдоо.

**Аудиттин критерийлери:**

Критерий катары, Ош шаарынын мэриясынын жана анын ведомстволук бюджеттик мекемелеринин жана муниципалдык ишканаларынын ишинин Кыргыз Республикасынын Бюджеттик, Салык жана “Салык эмес кирешелер” кодекстерине, “Ош шаарынын статусу жөнүндө”, “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына, Ош шаардык Кеңешинин токтомдоруна жана 2022-жылга Ош шаарынын мэриясынын жана ведомстволук уюмдарынын ишин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын жана башка ченемдик-укуктук актыларына туура келишин баалоо деп эсептейбиз.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттары:**

Иш INTOSAI аудиттин негизги принциптерине жана шайкештик аудити үчүн, жетектөөчү көрсөтмөлөргө ылайык, ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2018-жылдын 19-декабрындагы №01-26/123 жана 2021-жылдын 29-мартындагы №01-26/56 токтомдору менен бекитилген колдонмого ылайык, шайкештик аудити жүргүзүлгөн.

**Этикалык талаптарга шайкештиги:**

Аудиттин эл аралык стандарттары аудит тобунан этикалык эрежелерди сактоону, ошондой эле аудиттин предмети, анын бардык маанилүү аспектилеринде тиешелүү мыйзам чыгаруу жана жөнгө салуу ченемдерине шайкеш келе тургандыгына негизделген аудитти пландаштырууну жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Корутунду:**

Жүргүзүлгөн аудит менен Ош шаарынын мэриясынын жана анын ведомстволук бюджеттик мекемелеринин жана муниципалдык ишканаларынын ишмердүүлүктөрү төмөндө баяндалган жагдайларды кошпогондо, жалпы олуттуу аспектилерде Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарынын жана ченемдик укуктук актыларынын талаптарына туура келет.

## Мурдагы жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйруктарынын жана сунуштамаларынын аткарылышы

### 2019-2020-жылдарга карата Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйруктарынын жана сунуштамаларынын аткарылышы төмөндөгүдөй:

2019-2020-жылдарга карата Ош шаарынын бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, Ош шаарынын мэриясына, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2022-жылдын 4-апрелиндеги № 01-23/91 каты менен жөнөтүлгөн 20 пункуттан турган жазма буйругунун 17 пункуту аткарылган, 3 пункуту (3, 13, 15-пункуттар) жарым-жартылай аткарылган.

**3-пункт. "Керме-Тоо" муниципалдык аймактык башкармалыгы боюнча:**

**3.1-пунктчасы:** *Эмгек акыга ашыкча каржыланган 167,0 миң сом кийинки жылдын сметасынан кыскартылсын. Чыгымдар сметасын түзүүдө эмгек акы төлөмүнө ашыкча акча каражаттарын кароого жана каржылоого жол берилбесин.*

**3.2-пунктчасы:** *Мекеменин кызматчыларына эмгек акы катары негизсиз ашыкча төлөнгөн 644,0 миң сомдук акча каражаттары тиешелүү кызматкерлерден өндүрүлүп ордуна коюлсун, төлөнбөй калган акча каражаттары төлөнүп берилсин.*

**3.3-пунктчасы:** *Негизсиз чыгышталган 1206,3 миң сомдук товардык-материалдык баалуулуктар тийиштүү кызматкерлерден өндүрүлүп бюджетке кайтарылсын.*

**13-пункт. Ош муниципалдык "Жылуулук камсыздоо" ишканасы боюнча:**

**13.3-пунктчасы:** *Аудитте аныкталган негизсиз ашыкча көрсөтүлгөн 3 103,0 миң сомдук кредитордук карыз боюнча "Ош электро" ААК менен өз ара салыштыруу актысы түзүлүп, жыйынтыгы боюнча бухгалтердик эсепте тиешелүү оңдоо иштери жүргүзүлсүн.*

**15-пункт. Ош шаардык муниципалдык автоунаа ишканасы боюнча:**

**15.5-пунктчасы:** *2017-жылдан бери келе жаткан 2020-жылдын 31-декабрына карата 780,2 миң сомго эсепте жүргөн дебитордук карызды белгиленген тартипте эсепке алып, өндүрүү иштери жүргүзүлсүн.*

2019-2020-жылдарга карата Ош шаарынын бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, Ош шаарынын мэриясына, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2022-жылдын 4-апрелиндеги № 01-23/93 каты менен жөнөтүлгөн 24 пункуттан турган сунуштамасынын 23 пункуту аткарылган, 1 пункуту (14-пункуту) жарым-жартылай аткарылган.

**14-пункт:**

*Ош шаарынын муниципалдык менчик башкармалыгында аудиттин*

*жыйынтыгы менен 2016-2021-жылдар үчүн эсептелген 35 250,5 миң сом ижара акыны Ош шаардык бюджеттин пайдасына өндүрүү боюнча мыйзам чегинде иш жүргүзүлсүн.*

**Сунуштама:**

2019-2020-жылдарга карата Ош шаарынын бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, Ош шаарынын мэриясына, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2022-жылдын 4-апрелиндеги № 01-23/91 каты менен жөнөтүлгөн жазма буйругунун 3, 13, 15-пункуттары жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2022-жылдын 4-апрелиндеги № 01-23/93 каты менен жөнөтүлгөн сунуштаманын 14-пункуту толук аткарылсын.

2019-2020-жылдарга карата Ош шаарынын бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2022-жылдын 4-прелиндеги № 01-23/89 каты менен жөнөтүлгөн 8 пункуттан турган сунуштамасынын 8 пункуту (1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8-пункуттары) аткарылган эмес.

**1-пункт:**

*Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинде белгиленген мөөнөттөн кечиктирбестен Ош шаарынын бюджетин бекитүүнү жана тактоону камсыз кылуу;*

**2-пункт:**

*Ош шаарынын киреше бөлүгүнүн бекитилген планын өз учурунда толук аткаруу боюнча, Мамлекеттик салык кызматынын Ош шаарындагы башкармалыктарына көзөмөлдү туруктуу негизде күчөтүү;*

**3-пункт:**

*Жергиликтүү бюджеттин чыгымдар бөлүгүн пландоодо, киреше бөлүгүн аткаруу боюнча тобокелдиктерди, бюджеттин мекемелерге жана алынган кредиттер боюнча карыздарын толук эске алуу менен сапаттуу камсыз кылуу;*

**4-пункт:**

*Отчеттук жылдын башындагы калдыктарды биринчи кезектеги каржылоону талап кылган чыгымдарга бөлүштүрүүгө, жергиликтүү бюджеттин чыгаша милдеттенмелерине кирбеген чыгымдардын каржыланышына көзөмөлдү туруктуу негизде күчөтүү;*

**5-пункт:**

*Бекитилген бюджетте алынган кредиттерди төлөөгө керектүү суммадан аз өлчөмдө каралуусунан улам, өз учурунда төлөбөгөндүгү үчүн айып пул санкцияларын төлөөгө жол берген кызматкерлердин жоопкерчиликтерин кароону;*

**6-пункт:**

*01.01.2022-жылга карата жалпы 612,4 млн. сом суммасында болгон 4 субкредит, субсидардык макулдашуу жана карыз милдеттенмелери боюнча Бюджеттик кредиттерди башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиктин*

*(БКБМА) алдындагы Ош шаарынын мэриясынын милдеттенмелери Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылдагы №137 буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобого ылайык, бухгалтердик эсепке алынып, Финансылык (балансстык) отчеттунда "Мамлекеттик карыз" бөлүгүндө көрсөтүү;*

**7-пункт:**

*Субкредиттер, субсидардык макулдашуулар жана карыз милдеттенмелерине ылайык, каражаттарды өздөштүрүүнү эске алуу менен, туруктуу негизде кредиттик каражаттарды төлөө графигин БКБМА менен өз убагында түзүү;*

**8-пункт:**

*Кредиттик каражаттарды өздөштүрбөгөндүгү үчүн, комиссия төлөмүн кыскартуу максатында, кредиттик жана гранттык макулдашууларды күчүнө киргизүү боюнча ички мамлекеттик жол-жоболорду (кредиттик макулдашууларды ратификациядан өткөрүү, субкредиттик макулдашууларды түзүү) тез-арада жүргүзүү.*

**Сунуштама:**

2019-2020-жылдарга карата Ош шаарынын бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2022-жылдын 4-прелиндеги № 01-23/89 каты менен жөнөтүлгөн 8 пункуттан турган сунуштамасы толук аткарылсын.

2019-2020-жылдарга карата Ош шаарынын бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Ош финансы башкармалыгына, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2022-жылдын 4-прелиндеги № 01-23/94 каты менен жөнөтүлгөн 6 пункуттан турган жазма буйругунун 5 пункуту аткарылган, 1 пункуту (6-пункуту) аткарылган эмес.

**6-пункт:**

*Керме-Тоо" № 3 муниципалдык аймактык башкармалыгы боюнча эмгек акыга ашыкча каржыланган 167,0 миң сом кийинки жылдын сметасынан кыскартылсын. Чыгымдар сметасын түзүүдө эмгек акы төлөмүнө ашыкча акча каражаттарын кароого жана каржылоого жол берилбесин.*

**Сунуштама:**

2019-2020-жылдарга карата Ош шаарынын бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Ош финансы башкармалыгына, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2022-жылдын 4-прелиндеги № 01-23/94 каты менен жөнөтүлгөн жазма буйругунун 6-пункуту аткарылсын.

2019-2020-жылдарга карата Ош шаарынын бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, Кыргыз

Республикасынын Финансы министрлигинин Ош финансы башкармалыгына, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2022-жылдын 4-прелиндеги № 01-23/92 каты менен жөнөтүлгөн 2 пункуттан турган сунуштама толук аткарылган.

**2021-жылга карата Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйруктарынын жана сунуштамаларынын аткарылышы төмөндөгүдөй:**

2021-жылга карата Ош шаарынын бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, Ош шаарынын мэриясына, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2023-жылдын 10-майындагы № 01-20/42 каты менен жөнөтүлгөн 53 пункуттан турган жазма буйругунун 43 пункуту аткарылган, 5 пункуту (2, 11, 29, 36, 46-пункуттар) жарым-жартылай аткарылган жана 5 пункуту (32, 33, 47, 48, 49-пункуттар) аткарылган эмес.

**Жазма буйруктун төмөндөгү пункуттары жарым жартылай аткарылган:**

**2-пункт. Ош шаарынын мэриясы боюнча:**

*2019-2020-жылдарга карата Ош шаарынын бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2022-жылдын 4-апрелиндеги № 01-23/91 каты менен жөнөтүлгөн жазма буйругунун 3, 8, 11, 12, 13, 15, 16-пункуттары жана 2022-жылдын 4-апрелиндеги № 01-23/93 каты менен жөнөтүлгөн сунуштамасынын 14-пункту толук аткарылсын.*

**11-пункт. Ош муниципалдык “Жылуулук камсыздоо” ишканасы боюнча:**

*Электр энергиясына кошуп эсептеген 218843,8 миң сомду “Ошэлектро” ААКсынын эсебинен өндүрүү боюнча чаралар көрүлсүн.*

**29-пункт. №3 Керме-Тоо муниципалдык аймактык башкармалыгы боюнча:**

*Мындан ары, Эмгек акыны төлөө, Кыргыз Республикасынын ”Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137–Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторлорунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” жобосунун талаптарына ылайык жүргүзүлсүн. Мекеменин кызматчыларына ашыкча төлөнгөн 88015,0 сомдук эмгек акы тийиштүү адамдардан өндүрүлсүн.*

**36-пункт. Ош шаардык жүргүнчүлөрдү ташуу агенттиги боюнча:**

*Ош шаардык жүргүнчүлөрдү ташуу агенттиги 36. Ош шаардык муниципалдык автотранспорт ишканасынын жашырылган дебитордук карызы менен кошо туум (пеня) 439,7 миң сом (399,8м.с.+39,9м.с.) агенттиктин бухгалтердик балансасына өндүрүлүп алынсын.*

**46-пункт. Ош шаарынын мэриясынын Муниципалдык менчик башкармалыгы боюнча:**

*Мындан ары, ижара акылары боюнча дебитордук карыздардын өсүүсүнө*

*жол берилбесин. Дебитордук карыздар ар бир ижарачы боюнча эсептелген туумду кошуп эсептөө менен такталып, 4 637,7 миң сом өндүрүлсүн.*

**Жазма буйруктун төмөндөгү пункуттары аткарылган эмес:**

**32-пункт. “Жапалак автоунаа базары” боюнча:**

*Эки ижара акы боюнча жашырылган 2343,6 миң сомдук дебитордук карыз бухгалтердик эсепке алынсын.*

**33-пункт.** *Жыл акырына сатуудан алынуучу салык боюнча пайда болгон 47,8 миң сомдук дебитордук карыз бухгалтердик балanska алынсын.*

**47-пункт.** *Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү тез жардам автобекетинин ыкчам башкаруусундагы 3 автоунааны мыйзамга шайкеш келбеген жагдайда жокко чыгаруудан пайда болгон 525,6 миң сомдук зыянды ордуна коюу боюнча чаралар көрүлсүн.*

**48-пункт.** *Муниципалдык мүлк башкармалыгынын балансынан тез жардам автобекетинин ыкчам башкаруусундагы 3 автоунааны жокко чыгаруу боюнча комиссиянын ишине юридикалык баа берилсин.*

**49-пункт.** *Көп жылдардан бери өндүрүлбөй келген 84876 сомдук дебитордук карыздарды өндүрүүгө көмөк көрсөтүү үчүн, материалдарды укук коргоо органдарына өткөрүү боюнча чара көрүлсүн.*

2021-жылга карата Ош шаарынын бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, Ош шаарынын мэриясына, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2023-жылдын 10-майындагы № 01-20/43 каты менен жөнөтүлгөн 61 пункуттан турган сунуштамасынын 56 пункуту аткарылган, 4 пункуту (10, 13, 18, 33-пункуттар) жарым-жартылай аткарылган жана 1 пункуту (14-пункут) аткарылган эмес.

**Сунуштаманын төмөндөгү пункуттары жарым жартылай аткарылган:**

**10-пункт. Ош шаарынын мэриясы боюнча:**

*Аудиттин пикири боюнча, Автогаражга жүргүзүлгөн анализдин негизинде жана жергиликтүү бюджетти үнөмдүү пайдалануу максатында, ар бир ишкананын автоунааларын өздөрүнө бекитилип берилип, автогаражды жоюу жагы сунушталат.*

**13-пункт.** *Республика боюнча жаштар иштери боюнча комитети, спорт комитети менен бирге болгондуктан жана жаштар иштери боюнча бир жылдык конкреттүү иш планы аныкталбагандыгын эске алып, жергиликтүү бюджетти үнөмдүү пайдалануу максатында жаштар комитети менен спорт комитетин бириктирүү жагы каралсын.*

**18-пункт. Ош муниципалдык “Жылуулук камсыздоо” ишканасы боюнча:**

*Мындан ары, иштетилбеген электр энергиясын кошуп эсептөөгө жол берилбесин жана кошуп эсептеп үстөк эсептеген “Ошэлектро” ААКсынын кызматкерлерине юридикалык баа берүү үчүн, укук коргоо органдарына кошуп эсептеген материалдар өткөрүлүп берилсин.*

**33-пункт. “Ош-Тазалык” атайын адистештирилген муниципалдык**

**ишканасы боюнча:**

*Жамааттык келишим ченемдик укуктук актыларга ылайык келтирилсин.*

**Сунуштаманын 14-пункуту аткарылган эмес:**

**14-пункт.** *Ош шаарынын муниципалдык менчигинде турган көп кабаттуу үйлөрдөгү батирлерди менчиктештирүүгө, укук аныктоочу документтерди берүүгө жана ипотекалык багытка тиешеси жок батирлерди менчиктештирүүгө макулдук берүү боюнча комиссиянын чечимдерине укуктук баа берилсин, ошондой эле, кетирилген кемчиликтерге жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.*

**Сунуштама:**

2021-жылга карата Ош шаарынын бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, Ош шаарынын мэриясына, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2023-жылдын 10-майындагы № 01-20/42 каты менен жөнөтүлгөн жазма буйругунун 2, 11, 29, 32, 33, 36, 46, 47, 48, 49-пункуттары жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2023-жылдын 10-майындагы № 01-20/43 каты менен жөнөтүлгөн сунуштамасынын 10, 13, 14, 18, 33-пункуттары толук аткарылсын.

2021-жылга карата Ош шаарынын бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, Ош шаардык Кеңешине, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2023-жылдын 10-майындагы № 01-20/44 каты менен жөнөтүлгөн 2 пункттан турган сунуштамасы аткарылган эмес.

**1-пункт.** *Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы, 2021-жылга карата Ош шаарынын бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыктары боюнча төмөндөгүлөрдү сунуштайт:*

**1.1-пунктчасы:** *Жергиликтүү бюджетти, ар бир салыктын түрлөрүнүн аргументтүү фактыларынын, талдоолорунун жана эсептеринин негизинде бекитүүнү.*

**1.2-пунктчасы:** *Жалпысынан жергиликтүү бюджеттен каржыланган жана өзүн -өзү каржылоочу муниципалдык ишканалардын муктаждыгынан ашыкча бекитилген штаттык бирдиктерди, мэриянын тийиштүү адистери менен биргеликте кайрадан карап чыгууну.*

**1.3-пунктчасы:** *Жергиликтүү бюджеттин чыгымдарын сарамжалдуу пайдалануу максатында Ош шаарынын мэриясынын автогаражын жоюп, мекеме ишканаларды тейлеген автоунааларды өз мекемелерине өткөзүп берүү жагын кароону.*

**2-пункт.** *Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 2-декабрындагы ПЖ №541 Жарлыгынын 1-пунктуна ылайык, төмөнкү мекемелерди бириктирүүнү кароону: Ош шаардык дене тарбия жана спорт комитети менен Ош шаарынын мэриясынын жаштар иштери боюнча комитетин; Ош шаарынын "Боорукердик" үй интернаты менен Ош*

*шаарынын мэриясынын алдындагы көп тармактуу үй-бүлөөгө жана балдарга жардам берүү борборун.*

**Сунуштама:**

2021-жылга карата Ош шаарынын бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, Ош шаардык Кеңешине, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2023-жылдын 10-майындагы № 01-20/44 каты менен жөнөтүлгөн сунуштамасынын 1, 2-пункуттары толук аткарылсын.

2021-жылга карата Ош шаарынын бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Ош финансы башкармалыгына, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2023-жылдын 10-майындагы № 01-20/48 каты менен жөнөтүлгөн 2 пункуттан турган сунуштамасынын 1 пункуту (2-пункут) аткарылган, 1 пункуту (1-пункут) жарым–жартылай аткарылган.

**1-пункт.** *2019-2020-жылдарга карата Ош шаарынын бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2022-жылдын 4-апрелиндеги № 01-23/94 каты менен жөнөтүлгөн жазма буйругу жана 2022-жылдын 4-апрелиндеги № 01-23/92 каты менен жөнөтүлгөн сунуштамасы толук аткарылсын.*

**Сунуштама:**

2021-жылга карата Ош шаарынын бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Ош финансы башкармалыгына, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2023-жылдын 10-майындагы № 01-20/48 каты менен жөнөтүлгөн сунуштамасынын 1-пункуту аткарылсын.

2021-жылга карата Ош шаарынын бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин Ош регионалдык шаар курулушу жана архитектура боюнча башкармалыгына, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2023-жылдын 10-майындагы № 01-20/41 каты менен жөнөтүлгөн 1 пункуттан турган сунуштамасы аткарылган эмес.

**1-пункт.** *Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы, Ош жана Жалал-Абад шаарларын реабилитациялоо боюнча мамлекеттик дирекциясы тарабынан 2012-2016-жылдары ишке ашырылган “Суу менен камсыздоону калыбына келтирүү жана реконструкциялоого авариялык жардам көрсөтүү” (11800,9 миң АКШ доллары же 583,2 млн сом) долбоору боюнча аткарылган иштерди, жабдууларды тактоо жана “Ошводоканал” муниципалдык ишканасына өткөрүп берүү боюнча чараларды көрүүнү сунуштайт.*

**Сунуштама:**

2021-жылга карата Ош шаарынын бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин Ош регионалдык шаар курулушу жана архитектура боюнча башкармалыгына, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2023-жылдын 10-майындагы № 01-20/41 каты менен жөнөтүлгөн 1 пункуттан турган сунуштамасы толук аткарылсын.

2021-жылга карата Ош шаарынын бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматына, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2023-жылдын 10-майындагы № 01-20/45 каты менен жөнөтүлгөн 1 пункуттан турган сунуштамасы аткарылган эмес.

**1-пункт.** *2019-2020-жылдарга карата Ош шаарынын бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2022-жылдын 4-апрелиндеги № 01-23/90 каты менен жөнөтүлгөн, "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан аудитте аныкталган салык төлөмдөрүн төлөбөй коюу тобокелдиктерин администрациялоо жөнүндө", сунуштамасы аткарылсын.*

**Сунуштама:**

2021-жылга карата Ош шаарынын бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматына, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2023-жылдын 10-майындагы № 01-20/45 каты менен жөнөтүлгөн 1 пункуттан турган сунуштамасы аткарылсын.

2021-жылга карата Ош шаарынын бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2023-жылдын 10-майындагы № 01-20/47 каты менен жөнөтүлгөн 1 пункуттан турган сунуштамасы аткарылган эмес.

**1-пункт.** *Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 30-сентябрындагы №557 токтому менен бекитилген, "Менчиктештирилүүчү турак жайдын наркын аныктоо" тартибин кайрадан карап чыгууну сунуштайт.*

**Сунуштама:**

2021-жылга карата Ош шаарынын бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине, Кыргыз Республикасынын

Эсептөө палатасынын 2023-жылдын 10-майындагы № 01-20/47 каты менен жөнөтүлгөн 1 пункуттан турган сунуштамасы аткарылсын.

## Аудит жүргүзүлүүчү объектке кыскача мүнөздөмө

Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык, Ош шаары өзгөчө мамлекеттик мааниге ээ республикалык маанидеги шаар болуп саналат, аны башкаруу мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү боюнча мамлекеттик башкарууну айкалыштыруу менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу принциптеринде жүзөгө ашырылат.

Республикалык маанидеги шаардын иш-милдеттерин Ош шаарынын жүзөгө ашыруусуна байланыштуу Ош шаарынын өз алдынча башкаруу органдары:

- мыйзамда белгиленген тартипте мамлекеттик бийлик органдарына жана алардын аймактык бөлүкчөлөрүнө, ошондой эле чет мамлекеттердин өкүлчүлүктөрүнө муниципалдык менчиктеги жер участокторун, имараттарды, курулуштарды, курулмаларды жана орун жайларды, турак жай фонддорун, турак жай-коммуналдык, медициналык жана башка кызматтарды көрсөтөт;
- республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын эсебинен республикалык жана эл аралык иш чараларды өткөрүү үчүн зарыл шарттарды камсыз кылат;
- Ош шаарын өнүктүрүүнүн республикалык максаттуу программаларын иштеп чыгууга жана жүзөгө ашырууга катышат;
- шаардын аймагынан өтүүчү автомобиль жолдорун курууга, реконструкциялоого жана күтүүгө катышат, калкты транспорт менен тейлөөнү жана байланыш каражаттарын өнүктүрүүнү камсыз кылат;
- муниципалдык менчикте турган тарыхый жана маданий эстеликтердин сакталышын камсыз кылат жана мамлекеттик менчикке таандык болгон тарыхый жана маданий эстеликтерди күтүүгө катышат;
- мыйзамдарга ылайык, башка иш-милдеттерди жана ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

Ош шаарынын мэриясына караштуу 12 (он эки) бюджеттик мекемелери, 12 (он эки) чарбалык ишканалары, 7 (жети) муниципалдык аймактык башкармалыктары бар.

## Ош шаарынын 2022-жылдагы социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн жыйынтыктары жөнүндө маалымкаты

Ош шаарынын мэриясы тарабынан берилген маалыматтарга ылайык, Ош шаарынын мэриясы шаардагы мамлекеттик жана муниципалдык мекеме, ишканалар, муниципалдык аймактык башкармалыктары менен биргеликте 2022-жылы мамлекеттик жана локалдык программаларды, “Келечекке татыктуу шаар” Ош шаарын 2022-2025-жылдарда социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасынын аткарылышына мониторинг жүргүзүү, Ош шаарынын мэриясын, муниципалдык ишканаларды санариптештирүү боюнча өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде иштерди жүргүзгөн.

2022-жылдын январь-декабрында өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда экономиканын өсүү темпи туруктаашып, негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөр боюнча жетишкендиктер жаралган.

2023-жылдын 1-январына карата Ош шаарында катталган чарба жүргүзүүчү субьектилердин саны 50588 бирдикти түзгөн. Алардын ичинен: иштеп жаткан чарба жүргүзүүчү субьектилердин саны 30312 бирдикти, чакан ишканалар 1384, орто ишканалар 187, ири ишканалар 133, дыйкан чарбалар 3348, жеке ишкерлер 25111, башкалары 149 бирдикти түзгөн.

***Өнөр жайы:***

Өнөр жай ишканалары тарабынан 2022-жылдын январь-декабрында 6072161,9 миң сомдук продукция өндүрүлүп, 2021-жылдын январь-декабрына карата физикалык көлөмдүн индекси 90,5 пайызды (%) түзгөн.

***Айыл чарбасы:***

Айыл чарба продукцияларынын дүң чыгарылышынын көлөмү 2022-жылы 1336,1 млн. сомду, физикалык көлөмдүн индекси 87,5 пайызды түзгөн. 2022-жылы айыл чарба өсүмдүктөрү айдалган бардык аянт 2839 гектарды түзүп, бул 2021-жылга караганда 5,7 пайызга аз. Айдоо аянтынын түзүмүндө дан эгиндери 2034 гектарды (бардык себилген аянттын 71,7 пайызы), картошка - 172 гектарды (6,1 пайызы), жашылча өсүмдүктөрү - 400 гектарды (14,1 пайызы) жана тоют өсүмдүктөрү - 233 гектарды (8,2 пайызы) ээлеген.

2022-жылы бардык айдоо аянттарынын жарымынан көбү дан өсүмдүктөрүнө туура келген, 2021-жылга салыштырмалуу 5,6 пайызга аз болгон. 303 гектарга буудай себилген, же 31,1 пайызга аз, арпа – 1202 гектарга же 6,7 пайызга көп, дан үчүн жүгөрү - 529 гектарга же 10,0 пайызга аз, картошканын себүү аянты - 172 гектар, же 9,0 пайызга аз.

2022-жылы дан өсүмдүктөрү 2034 гектар аянттан жыйналып, 5473,8 тонна дан бастырылып (алгачкы кабыл алынган салмакта), 2021-жылга салыштырганда 4,8 пайызга көп.

***Курулуш:***

Курулуштун дүң продукциясынын жалпы көлөмү 2022-жылдын январь-декабрында 13833146,2 миң сомду түзүп, 2021-жылдын январь-декабрына салыштырганда 33,8 пайызга жогорулаган.

Негизги капиталга инвестицияны өздөштүрүүнүн деңгээли 2021-жылдын январь-декабрына салыштырмалуу 1,9 пайызга көбөйүп (салыштырмалуу баада) жана 7549012,6 миң сомду түзгөн. Негизги капиталга инвестициялардын көлөмү 2022-жылдын январь-декабрында ишканалардын жана уюмдардын каражаттарынын эсебинен 1,0 пайызга жогорулаган.

Негизги капиталга инвестициялардын көлөмүнүн өсүшү электр энергия, газ, суу жана кондицияланган аба менен камсыз кылуу (жабдуу), транспорттук ишмердик жана жүктөрдү сактоо, билим берүү, саламаттыкты сактоо жана калкка социалдык жактан тейлөө көрсөтүү тармагында белгиленген.

2022-жылдын январь-декабрында жалпы аянты 28048 чарчы метр болгон, 179 жеке турак үй пайдаланууга берилип, 2021-жылдын январь-декабрына салыштырмалуу 26,1 пайызга азайган.

## Ош шаарынын мэриясы тарабынан алынган кредиттер боюнча маалымат

1. 2013-жылдын 5-мартында №19-5/9 “Карыз милдеттенмесинин” негизинде Ош шаарынын мэриясы менен Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин ортосунда келишим түзүлүп, Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкынан Ош шаарын таза суу менен камсыздоо жана канализация системасын реконструкциялоого 3000,0 миң евро (294 099,0 миң сом) кредит алынган.

Бекитилген графиктин негизинде, кредит 2025-жылдын 23-октябрында толугу менен төлөнүп бүтүшү керек, 2022-жылдын 31-декабрына 195156,7 миң сом төлөнгөн, анын ичинен 2022-жылы 28345,1 миң сом.

2. Ош шаарынын мэриясы менен Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин ортосунда түзүлгөн 2016-жылдын 18-январындагы №19-05/1 “Субкредиттик келишимдин” негизинде, Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкынан Ош шаарында коомдук транспортту жакшыртууга 5700,0 миң евро (558788,1 миң сом) кредит алынган.

Бекитилген графиктин негизинде, кредит 2026-жылдын 15-майында толугу менен төлөнүп бүтүшү керек, 2022-жылдын 31-декабрына 339573,0 миң сом төлөнгөн, анын ичинен 2022-жылы 65267,1 миң сом.

3. Ош шаарынын мэриясы менен Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин ортосунда түзүлгөн 2018-жылдын 26-мартындагы №19-04-01/30 “Субкредиттик келишимдин” негизинде, Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкынан Ош шаарын таза суу менен камсыздоо жана канализация системасын реконструкциялоого 2500,0 миң евро (216825,0 миң сом) кредит алынган.

Бекитилген графиктин негизинде, кредит 2031-жылдын 23-майында толугу менен төлөнүп бүтүшү керек, 2022-жылдын 31-декабрына 66306,0 миң сом төлөнгөн, анын ичинен 2022-жылы 20413,7 миң сом.

4. Ош шаарынын мэриясы менен Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин ортосунда түзүлгөн 2019-жылдын 26-мартындагы №19-04-01/29 “Субкредиттик келишимдин” негизинде, Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкынан Ош шаарында катуу таштандыларды башкаруу системасын жакшыртууга 2000,0 миң евро (196066,0 миң сом) кредит алынган.

Бекитилген графиктин негизинде, кредит 2031-жылдын 15-июнунда толугу менен төлөнүп бүтүшү керек, 2022-жылдын 31-декабрына 18398,2 миң сом төлөндү, анын ичинен 2022-жылы 9092,9 миң сом.

5. 2022-жылдын 7-сентябрындагы №ДЛ-1 Ош шаарынын мэриясы менен Өзбек-Кыргыз Фондунун ортосунда түзүлгөн “Финансылык ижара келишиминин” негизинде 50 автобуска 1850,0 миң доллар (150000,0 миң сом) лизингдик төлөм алынган.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-июнундагы №337 тескемесинин негизинде, сатылып алынуучу автобустардын алдын ала төлөмүн төлөө үчүн, республикалык бюджеттин

эсебинен 50000,0 миң сом трансферт бөлүнүп берилип, Өзбек-Кыргыз Фондуна биринчи төлөмү төлөнүп берилген.

Бекитилген лизингдик төлөмдүн графигинин негизинде, 2027-жылдын 10-ноябрына толугу менен төлөнүп бүтүшү керек.

**2022-жыл үчүн жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы**

2022-жылга Ош шаарынын бюджети, Ош шаардык Кеңешинин 2022-жылдын 10-февралындагы №29 токтому менен, кирешелери жана чыгашалары 1600510,0 миң сом суммасында шаардык бюджети бекитилген.

Мындан сырткары, Ош шаардык Кеңешинин 2022-жылдын 27-сентябрындагы №78 токтому менен 2022-жылдын 10-февралындагы №29 токтомуна өзгөртүүлөр киргизилген.

| Элемент | Кирешелер | Ош шаары боюнча (миң сом) | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Бекит. план 2022-жылга | Такталган план 2022-жылга | 2022 жылдын 12 айына аткарылышы | % аткарылышы | Айырма (+,-) |
| | Кирешелер милдеттенмелер | 1647546,5 | 2255290,0 | 2257426,2 | 100,1 | +2136,2 |
| 1 | Кирешелер | 1647546,5 | 2255290,0 | 2257426,2 | 100,1 | +2136,2 |
| 11 | Салыктык кирешелер | 1365600,0 | 1572016,6 | 1617428,6 | 102,9 | +45412,0 |
| 14 | Салыктык эмес кирешелер | 234910,0 | 329491,0 | 300315,3 | 91.1 | -29175,7 |
| 13 | Мамлекеттик башкаруу секторунун трансферти | 47036,5 | 353 782,4 | 339 682,3 | 96,0 | -14100,1 |

2022-жылдын январь-декабрь айларынын жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүнүн аткарылышы трансферттерди жана атайын каражаттарды кошкондо 100,1 %га аткарылган, такталган пландагы 2255290,0 миң сомдун ордуна 2257426,2 миң сомду түзүп, же 2136,2 миң сомго көп аткарылган.

Анын ичинен:

- Салык кирешелери 1617428,6 миң сом өлчөмүндө түшүп, 102,9 %га аткарылган, такталган план 1572016,6 миң сом же 45412,0 миң сомго көп аткарылган;

- Салыктык эмес кирешелери 300315,3 миң сом өлчөмүндө түшүп, 91,1 %га аткарылып, такталган план 329491,0 миң сом же 29175,7 миң сомго аз аткарылган.

***Кирешелердин 10 түрү боюнча төмөндөгү пландык көрсөткүчтөр аткарылган:***

- киреше салыгы боюнча план 1033812,7 миң сом өлчөмүндө жеткирилип, 1054708,2 миң сом түшүп, план 102,0 %га аткарылган, же 20895,5 миң сомго көп аткарылган;

- кичи ишкерлерден алынуучу бирдиктүү салык боюнча 132167,6 миң сом өлчөмүндө жеткирилип, 164668,6 миң сом түшүп, план 124,6 %га аткарылган, же 32501,0 миң сомго көп аткарылган;

- кыймылсыз мүлккө салык боюнча план 110500,0 миң сом өлчөмүндө жеткирилип, 115806,8 миң сом түшкөн, план 104,8 %га аткарылган, же 5306,8 миң сомго көп аткарылган;

- короо жанындагы жана дачалык жер участокторун пайдалануу үчүн жер салыгы боюнча план 19500,0 миң сом өлчөмүндө жеткирилип, 19801,4 миң сом түшүп, план 101,5 %га аткарылган, же 301,4 миң сомго көп аткарылган;

- айыл чарбасына жарактуу жерлерди пайдалангандыгы үчүн жер салыгы боюнча план 36,3 миң сом өлчөмүндө жеткирилип, 344,9 миң сом түшүп, план 950,1 %га аткарылган, же 308,6 миң сомго көп аткарылган;

- жер казынасын пайдалангандыгы үчүн салыгы боюнча план 1000,0 миң сом өлчөмүндө жеткирилип, 1140,9 миң сом түшүп, план 114,1 %га аткарылган, же 140,9 миң сомго көп аткарылган;

- жерди бөлүштүрүү Фондусунун жеринин ижара акысы боюнча план 2100,0 миң сом өлчөмүндө жеткирилип, 2156,8 миң сом түшүп, план 102,7 %га аткарылган, же 56,8 миң сомго көп аткарылган;

- таштандыларды ташып чыгаруу үчүн жыйым боюнча план 1200,0 миң сом өлчөмүндө жеткирилип, 1260,2 миң сом түшүп, план 105,0 %га аткарылган, же 60,2 миң сомго көп түшкөн;

- атайын каражаттар боюнча план 125000,0 миң сом өлчөмүндө каралып, 127291,7 миң сом түшүп, план 101,8 %га аткарылган, же 2291,7 миң сомго көп түшкөн;

- муниципалдык жерлерди сатуудан түшкөн каражаттар (актив) боюнча план 4458,6 миң сом өлчөмүндө жеткирилип, 5 043,0 миң сом түшүп, план 113,1 %га аткарылган, же 584,4 миң сомго көп түшкөн.

***Кирешелердин 7 түрү боюнча төмөндөгү пландык көрсөткүчтөр аткарылган эмес:***

- милдетүү патенттин негизиндеги салык боюнча 644,8 миң сом түшүп, же жеткирилген пландагы 1993,8 миң сомдон 1349,0 миң сомго аз аткарылган, план 32,3 %га гана аткарылган, себеби жаңы Салык кодексине ылайык, соодагерлер кичи ишкерлерден алынуучу бирдиктүү салык түрүнө өткөндүгүндө байланыштуу;

- патенттин негизиндеги салык боюнча план 186006,2 миң сом өлчөмүндө жеткирилип, 180888,4 миң сом түшүп, план 97,2 %га аткарылган, же 5117,8 миң сомго аз түшкөн;

- транспорттук каражаттарга салык боюнча план 45000,0 миң сом өлчөмүндө жеткирилип, 37723,5 миң сом түшүп, план 83,8 %га аткарылып, 7276,5 миң сом түшпөй калган;

- калктуу конуштардын жерлерине жана айыл чарба багытында болбогон жерлерди пайдалануу үчүн жер салыгы боюнча план 42000,0 миң сом өлчөмүндө жеткирилип, 41700,1 миң сом түшүп, план 99,3 %га аткарылган, же 299,9 миң сомго аз аткарылган;

- жердин ижарасы үчүн акы төлөө (реклама орнотууга уруксат берүү акысын кошкондо) боюнча план 117500,0 миң сом өлчөмүндө жеткирилип, 84997,0 миң сом түшүп, план 72,3 %га аткарылып, 32503,0 миң сом аз түшкөн;

- муниципалдык имараттарды ижарага берүүдөн акы алуу боюнча план 82500,0 миң сом өлчөмүндө жеткирилип, 80731,1 миң сом түшкөн, план 97,9 %га аткарылып, же 1768,9 миң сом аз түшкөн;

- автотранспорту токтотуу үчүн жыйым боюнча план 841,0 миң сом өлчөмүндө жеткирилип, 603,9 миң сом түшүп, план 71,8 %га аткарылып,, 237,1 миң сом түшпөй калган.

*Республикалык бюджеттин эсебинен кошумча трансферттер 353782,4 миң сом трансферт кошумча бөлүнүп такталган, анын ичинен:*

- Кыргыз Республикасынын Президентинин Указынын жана Министрлер Кабинетинин токтомдорунун негизинде, өз алдынча башкаруу органдарынын, социалдык жана маданий тармактагы кызматкерлердин эмгек акысынын жогорулашына 65923,6 миң сом;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-июнундагы №337 буйругунун негизинде 50000,0 миң сом автобус сатып алууга;

- Баткен окуясына байланыштуу, материалдык колдоого 15000,0 миң сом;

- Жапалак айылдык аймактык башкармалыгынын 2 статистика кызмаркеринин эмгек акысына 758,8 миң сом;

- Ош шаардык муниципалдык жылуулук камсыздоо ишканасына субсидияга – 221000,0 миң сом;

- жер салыгынын жоготууларына компенсацияга 1100,0 миң сом.

**Сунуштама:**

Ош шаарынын бюджетинин киреше бөлүгүнүн бекитилген планын өз учурунда толук аткаруу боюнча Мамлекеттик салык кызматынын Ош шаарындагы башкармалыгы, Ош шаарынын мэриясынын Муниципалдык менчик башкармалыгы менен өз ара аракеттенишүү боюнча иштер туруктуу негизде күчөтүлсүн.

**Жергиликтүү бюджеттин 2022-жылдын 1-январына калган акча каражаттарынын (бюджеттик жана атайын каражаттарынын) калдыгынын эсебинен 34419,1 миң сом бөлүштүрүлгөн, анын ичинен:**

- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана муниципалдык мекемелердин муниципалдык, тейлөөчү кызматкерлерине материалдык колдоо көрсөтүүгө (шаардык кенеш, мэрия, автогараж, коомчулук менен байланыш кызматы, тышкы байланыштар жана аналитика башкармалыгы) 4168,0 миң сом;

- Ош шаарындагы муниципалдык башкармалыктардагы аксакалдар сотторунун төрагаларын сыйлоого жана канцелярдык товар менен камсыз кылууга 436,0 миң сом;

- Ош шаардык Кенешинин курьердик кызматын аткарууга эмгек акы жана күйүүчү май сатып алуу үчүн 222,4 миң сом;

- Ош шаарынын мэриясына эл жана турак жай фондун каттоо иш чарасына 1000,0 миң сом;

- Ош шаарынын мэриясынын ротасынын өздүк курамын кийимдер жана тамак аш менен камсыз кылууга 681,2 миң сом;

- Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгына Ош шаардык клиникалык ооруканасынын төрөт стационарга медициналык аппарат сатып алуу үчүн 986,2 миң сом;

- Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин Ош башкармалыгына кошумча штаттык бирдик (иш кагаздарын жүргүзүүчү) кармоого 150,0 миң сом;

- Ош шаарынын жашоочуларына материалдык колдоо жана жардам көрсөтүүгө 724,6 миң сом;

- Ош шаарынын мэриясынын Капиталдык курулуш башкармалыгына 10513,8 миң сом, анын ичинен: Ош шаардык клиникалык ооруканасынын төрөт стационарынын имаратын оңдоо иштерине 4013,8 миң сом, №81 Балапан балдар бакчасынын жайкы ашканасын куруу үчүн 2000,0 миң сом, Ош шаарынын СМУТТ кичи районундагы №100 көп кабаттуу үйдүн алдына балдар ойноочу аянтча куруу үчүн 1000,0 миң сом, Б. Хмельницский көчөсүнө канализация тартуу үчүн 1000,0 миң сом, М. Жалил көчөсүндө 800 метр таз суу түтүкчөлөрүн алмаштырууга 1000,0 миң сом, Р. Абдыкадыров көчөсүндөгү №195-б жана №197-г көп кабаттууүйлөрдүн арасына балдар ойноочу аянтча курууга 500,0 миң сом, “Сулайман Тоо” муниципалдык аймактык башкармалыгындагы Д. Бедный көчөсүнө лоток орнотууга 500,0 миң сом, Ош шаарынын Төлөйкөн айылынын А.Кабылов көчөсүндөгү үйлөрдү жаратылыш газы менен камсыздоого 500,0 миң сом;

- Ош шаардык жолдор башкармалыгына 11000,0 миң сом, анын ичинен, Жапалак айылдык аймактык башкармалыгынын Арек айылынын Б. Эргешов, К. Эргешов, О. Абылов жана Ш. Оморалиев көчөлөрүн асфальттоо үчүн 7500,0 миң сом, Төлөйкөн айылынын А. Таштанов жана И. Мадумаров көчөлөрүн асфальттоого 3500,0 миң сом.

**2022-жыл үчүн жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы**

Жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгү 94,9 %га аткарылган, же такталган план 2 294 167,6 миң сом, кассалык чыгымдар 2 176 980,7 миң сом, алар төмөнкүдөй:

| ЧЫГАШАЛАР | Ош шаары боюнча (миң сом) | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Бекит. план 2022-жыл | Тактал. план 2022-жыл | 2022-жылы аткарылышы | Аткару у % | Чыгымдардын үлүшү % |
| Жалпы мамлекеттик кызмат | 278079,9 | 459817,8 | 435906,2 | 94,8 | 20,0 |
| Коргоо | 6421,3 | 7142,4 | 3762,1 | 52,7 | 0,2 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Экономикалык маселелер | 239605,3 | 372194,6 | 316016,7 | 84,9 | 14,5 |
| Турак жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр | 559737,9 | 860340,7 | 840876,5 | 97,7 | 38,6 |
| Эс алуу, маданият жана дин тармагы | 92249,3 | 114559,0 | 112219,0 | 98,0 | 5,2 |
| Билим берүү | 403500,7 | 453435,3 | 444565,4 | 98,0 | 20,4 |
| Социалдык коргоо | 20924,6 | 26677,8 | 23634,7 | 88,6 | 1,1 |
| Баардык чыгымдар | **1600510,0** | **2294167,6** | **2176980,7** | 94,9 | 100,0 |

Ош шаарынын жергиликтүү бюджетинин чыгашалар түзүмүндө чыгашалар боюнча мамлекеттик кызмат тармактарын каржылоого 20,0 %, Коргоо тармагына 0,2 %, экономикалык маселелер 14,5 %, турак жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр 38,6 %, эс алуу, маданият жана дин тармагына 5,2 %, билим берүүгө 20,4 %, социалдык коргоо чыгымдары 1,1 %. Акча каражаттарынын өздөштүрүлбөгөндүгүнүн себеби болуп, мамлекеттик сатып алуулар боюнча тендер өткөрүлбөгөндүгү же тендер өткөрүлүп үнөмдөө болгондугу жана курулуш иштеринин жыл ичинде бүтпөй калышы саналат.

**Сунуштама:**

Жергиликтүү бюджеттин чыгымдар бөлүгүн пландоо, киреше бөлүгүн аткаруу боюнча тобокелдиктерди, бюджеттин мекемелерге жана алынган кредиттер боюнча карыздарын толук эске алуу менен сапаттуу камсыздалсын. Бюджеттин чыгымдар бөлүгүнүн пландарында көрсөтүлгөн иш-чараларды толук аткаруу боюнча тиешелүү чаралар жүргүзүлсүн.

**Ош шаардык Кеңешинин, Ош шаарынын мэриясынын жана анын ведомстволук бюджеттик мекемелеринин бюджетинин аткарылышына жана муниципалдык ишканаларынын ишине жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыктары боюнча төмөндөгүлөр аныкталды:**

**Ош шаарынын мэриясы боюнча:**

**Аныкталды:**

2022-жылдын 7-сентябрында Өзбек-Кыргыз өнүктүрүү фонду жана Ош шаарынын мэриясынын ортосунда 50 даана автобустарды сатып алуу боюнча жалпы суммасы 1850,0 миң АКШ долларына №ДЛ-1 финансылык ижара келишими түзүлгөн. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-июнундагы №337-р тескемеси менен, Ош шаарынын муниципалдык транспортунун иштешин камсыз кылуу максатында, республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин чыгаша милдеттемелерин биргелешип каржылоону камсыз кылуу үчүн, Ош шаарынын мэриясына 50000,0 миң сом өлчөмүндө максаттуу трасферттердин эсебинен каржыланган.

Аудит камтыган мезгил аралыгында, Ош шаарынын мэриясы тарабынан жалпы 48361,2 миң сом Өзбек-Кыргыз өнүктүрүү фондуна 50 даана автобустарды сатып алуу үчүн которулган. Аталган сумма, 2022-жылдын жылдык балансына негизги фонддордун катарына, башкача айтканда 3112 “машина жана жабдуулар” бөлүмүнө сатып алуу катары кириш болуп отургузулган.

Белгилей кетүүчү нерсе, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча” Жобонун 507-508-пункуттары сакталбастан, 2022-жылдын жылдык балансынан аталган негизги каражаттардын жалпы баасы 48361,2 миң сом эсептен чыгышталып кеткен.

Аудит учурунда, Дебет эсебине 3112 “машина жана жабдуулар инвентаризациянын жыйынтыгы менен” жана Кредит эсебине 4111 “финансылык натыйжа” 48361,2 миң сомго бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп жана Ош шаарынын мэриясынын балансына көбөйтүү үчүн бухгалтердик маалымкат түзүлдү.

**Корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча” Жобонун 507-508-пункуттары сакталбастан, 2022-жылдын жылдык балансынан аталган негизги каражаттардын жалпы баасы 48361,2 миң сом эсептен чыгышталып кеткен.

Аудит учурунда, Дебет эсебине 3112 “машина жана жабдуулар инвентаризациянын жыйынтыгы менен” жана Кредит эсебине 4111 “финансылык натыйжа” 48361,2 миң сомго бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп жана Ош шаарынын мэриясынын балансына көбөйтүү үчүн бухгалтердик маалымкат түзүлдү.

**Сунуштама:**

Негизги каражаттарды эсепке алууда, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобосунда көрсөтүлгөн талаптары сакталсын жана көзөмөлдөө күчөтүлсүн.

**Аныкталды:**

Ош шаарынын мэриясында “башка кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөөгө байланыштуу башка чыгашалар” 22154900-беренеси аркылуу аудит камтыган мезгил аралыгында жалпы 378,4 миң сомго көркөм инсталляция жасоо (боз үй) иштери жүргүзүлгөн.

Ал эми, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругунун талаптары боюнча көркөм инсталляция жасоо (боз үй) иштеринин чыгымдары “3111 капиталдык ондоп-түзөө” беренеси боюнча жүргүзүлүп, негизги фонддордун баланстык баасы

жалпы 378,4 миң сомго көбөйүшү керек болчу, бирок аталган курулуштар 22154900-беренеси аркылуу жүргүзүлгөндүгүнө байланыштуу, эсептен түздөн-түз чыгымдарга алып барылып чыгышталып кеткен.

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак-жай коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин 2016-жылдын 18-майындагы №4-нпа "Курулуш өндүрүмүнүн наркын эсептеп чыгарууда кошумча чыгымдардын өлчөмүн эсептеп чыгуунун тартиби жөнүндө усулдук көрсөтмөлөрдү, Курулуштагы сметалык пайданын өлчөмүн аныктоо боюнча усулдук көрсөтмөлөрдү, Кыргыз Республикасынын аймагында курулуштун наркын аныктоочу усулдук көрсөтмөлөрдү бекитүү тууралуу" буйругундагы Усулдук көрсөтмөсүнүн 3-тиркемесинин 3-бөлүмүнүн 3.8-бөлүмчөсүнүн талаптары сакталган эмес.

Аудит учурунда, жалпы 378,4 миң сомго бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп жана Ош шаарынын мэриясынын балансына көбөйтүү үчүн бухгалтердик маалымкат түзүлдү.

**Корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак-жай коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин 2016-жылдын 18-майындагы №4-нпа буйруктарынын талаптары сакталбастан, жалпы 378,4 миң сомго көркөм инсталляция жасоо (боз үй) курулуш иштери 22154900-беренеси аркылуу жүргүзүлгөндүгүнө байланыштуу, эсептен түздөн-түз чыгымдарга алып барылып чыгышталып кеткен.

Аудит учурунда, жалпы 378,4 миң сомго бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп жана Ош шаарынын мэриясынын балансына көбөйтүү үчүн бухгалтердик маалымкат түзүлдү.

**Сунуштама:**

Ош шаарынын мэриясы тарабынан, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругунун жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак-жай коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин 2016-жылдын 18-майындагы №4-нпа буйругу менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын аймагында курулуштун наркын аныктоо боюнча колдонмонун" талаптары так сакталсын.

**Аныкталды жана Корутунду:**

Ош шаарынын мэриясынын 2022-жылдын 7-мартындагы №84-б буйругу менен "башка кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөөгө байланыштуу башка чыгашалар" 22154900-беренеси аркылуу, 2022-жылы эл жана турак жай фондун каттоого өз убагында Ош шаарында даярдык көрүү жана жүргүзүү, каттоо персоналдарын сыйлоо үчүн, 2022-жылдын 9-мартында №23 төлөө тапшырмасы менен Ош шаардык мамлекеттик статистика башкармалыгына жалпы 1000,0 миң сом которулган. Аталган каражаттардын отчету бүгүнкү күнгө чейин жабылган эмес жана Ош шаарынын мэриясынын жылдык балансында дебитордук катары көрсөтүлбөстөн, жыйынтыгында жаап

жашырылган дебитордук карыз келип чыкты. Аудит учурунда, жалпы 1000,0 миң сомго бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп жана Ош шаарынын мэриясынын балансына дебитордук карыз катары көбөйтүү үчүн бухгалтердик маалымкат түзүлдү.

**Сунуштама:**

Ош шаарынын мэриясы тарабынан, дебитордук карыздар боюнча, укуктук ченемдик документтердин негизинде иш алып баруу камсыздалсын.

Жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен республикалык бюджеттен күтүлгөн мекемелерди каржылоого тыюу салынсын жана ушул фактылар боюнча мыйзам бузууларга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана Корутунду:**

Ош шаардык Кеңешинин 2018-жылдын 20-июнундагы №123 "Ош шаарынын мэриясынын резервдик фонду жөнүндөгү Жобону бекитүү жөнүндө" токтомунун жана Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 24-беренесинин 4-пункутунда резервдик фонддун каражаттары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин учурдагы материалдык-техникалык жана каржылык камсыз кылуу боюнча иш-чараларга пайдаланууга жол берилбестиги белгиленген, аталган талаптарын бузуу менен аудит камтыган мезгил аралыгында жалпы 3630,6 миң сомго резервдик фонддун каражаттары сарамжалсыз пайдаланылган.

**Сунуштама:**

Резервдик фонддун каражаттарын сарптоодо, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 24-беренесинин 4-пунктунда жана Ош шаардык Кеңеши тарабынан бекитилген, "Ош шаарынын мэриясынын резервдик фонду жөнүндө" жобосунда көрсөтүлгөн талаптарга ылайык, сарамжалдуу пайдаланылсын жана көзөмөл күчөтүлсүн.

**Аныкталды жана Корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча" Жобонун 44, 303-пункттарын бузуу менен, М. Орозалиев Ош шаарынын мэриясынын жетектөөчү адисинен Ош шаарынын мэриясынын тышкы байланыштар жана аналитика башкармалыгынын башкы адиси катары 2020-жылдын 15-январында которулгандыгына карабастан жана юридикалык тараптын өкүлүнүн ыйгарым укугун тастыктаган ишеним каты жок туруп, М. Орозалиевге Ош шаарынын мэриясынын кызматкери болбой туруп, эсеп-берме жак (подотчет) катары 287,0 миң сом которулган.

**Сунуштама:**

Башка мекеменин кызматкерине отчет берүүгө акча каражаттарын берүү токтотулсун, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобосунун негизинде иш жүргүзүлсүн.

**Ош шаардык Кеңеши боюнча:**

**Аныкталды жана Корутунду:**

2022-жылга Ош шаардык Кенешинин берген эсептик жана акты маалыматтар боюнча киреше салыгы 2,9 миң сомго аз, ошондой эле Социалдык фондго камсыздандыруу төлөмдөрү боюнча 8 % 34,1 миң сомго, 17,25 % 42,0 миң сомго жеткирилбей төлөө жүргүзүлгөн, ал эми 2 % пенсиондук фондго 1,8 миң сом ашыкча төлөнгөн. Салык органдары менен түзүлгөн салыштыруу актысы дебитордук жана кредитордук карыздар менен дал келбегендиги аныкталды.

**Сунуштама:**

Киреше салыгы боюнча 2,9 миң сом, Социалдык фондго камсыздандыруу төлөмдөрү боюнча 77,9 миң сом жеткирилбей төлөнгөн акча каражаттары тиешелүү бюджеттерге которулуп берилсин.

**"Ош шаардык жолдор" муниципалдык ишканасы боюнча:**

**Аныкталды жана Корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 6-августундагы №114 токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасында кыймылсыз мүлк объекттерин долбоорлоого, курууга жана башка өзгөртүүгө документтерди берүүнүн тартиби жана пайдаланууга киргизилүүчү курулуп бүткөн объекттердин ылайыктуулугун баалоо жөнүндө" жобонун 10-бөлүмүнүн талаптары сакталбастан, ишканасынын балансында жалпы баасы 254350,5 миң сомдук бүтпөй калган курулуш катары чагылдырылган курулуш иштерин, пайдаланууга киргизилүүчү курулуп бүткөн объектин ылайыктуулугун баалоо жана аны Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкаруу башкармалыгынын балансына өткөрүү иштери жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

**Ош шаарынын мэриясына:**

"Ош шаардык жолдор" муниципалдык ишканасынын балансында жалпы баасы 254350,5 миң сомдук бүтпөй калган курулуш катары көрсөтүлгөн курулуш иштерин, пайдаланууга киргизилүүчү курулуп бүткөн объектинин ылайыктуулугун баалоо жана аны Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкаруу башкармалыгынын балансына өткөрүп берүү боюнча көмөк көрсөтүү жана көзөмөлдөө иштери жүргүзүлсүн.

**"Ош шаардык жолдор" муниципалдык ишканасына:**

Ишкананын балансында жалпы баасы 254350,5 миң сомдук бүтпөй калган курулуш катары көрсөтүлгөн курулуш иштерин, пайдаланууга киргизилүүчү курулуп бүткөн объектинин ылайыктуулугун баалоо жана аны Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкаруу башкармалыгынын балансына өткөрүп берүү боюнча иштер жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана Корутунду:**

“Ош шаардык жолдор” муниципалдык ишканасы тарабынан берилген маалыматтарга ылайык, ишканасынын балансындагы жалпы дебитордук карыздардын ичинде айрым подрядчыларга же камсыздоочуларга карата негизги фонддордон дебитордук карыздар чагылдырылган.

Бүгүнкү күнгө чейин аткарылбай келе жаткан курулуш иштери жана алынып келе элек негизги каражаттар жалпы 5211,1 миң сомду түзөт, алар: “Аалам Курулуш” ЖЧКсына карата жалпы 350,0 миң сом, “Спутник Строй” ЖЧКсына карата жалпы 2194,7 миң сом, “ДСК Сью-Джоу” ЖЧКсына карата жалпы 2666,3 миң сом суммасында. Жогорудагы көрсөтүлгөн подрядчылар же камсыздоочулар менен келишимдер берилген маалыматтарга ылайык, 2014, 2019, 2022-жылдары түзүлгөн.

**Сунуштама:**

“Ош шаардык жолдор” муниципалдык ишканасы тарабынан бүгүнкү күнгө чейин аткарылбай келе жаткан курулуш иштери жана алынып келе элек негизги каражаттар боюнча тийиштүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана Корутунду:**

“Ош шаардык жолдор” муниципалдык ишканасында 2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгында бюджеттик каражаттардын эсебинен аткарылган капиталдык оңдоо жана курулуш куроо иштерине жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыгы менен, подрядчылар тарабынан аткарылган жумуштар боюнча ашыкча көтөрмөлөнгөн жумуштардын көлөмү жалпы 656,9 миң сомду түзгөнү аныкталды жана төмөндөгү подрядчылар тарабынан калыбына келтирүүгө жатат, алар:

- “ВЕГА-СТРОЙ LTD” ЖЧКсы 135,6 миң сом;
- “Севен Стар” ЖЧКсы 2,0 миң сом;
- “Глобал Строй Сервис” ЖЧКсы 7,0 миң сом;
- “Глобал Строй Сервис” ЖЧКсы 284,0 миң сом;
- “Суйунбек Ата” ЖЧКсы 25,1 миң сом;
- “Благо Строй” ЖЧКсы 34,3 миң сом;
- “Ариет Строй” ЖЧКсы 20,1 миң сом;
- “Кыргыз Асфальт Курулуш” ЖЧКсы 13,5 миң сом;
- “Скай Сити” ЖЧКсы 39,6 миң сом;
- “Корпорация Аль-Амаль” ЖЧКсы 36,1 миң сом;
- СК “Али Трейд” ЖЧКсы 59,6 миң сом.

**Сунуштама:**

Аткарылган иштерди кабыл алган учурда, актыда жазылган көлөмдөрдүн иш жүзүндө аткарылган көлөмгө туура келиши такталсын. Подрядчылар тарабынан ашыкча жогорулатылган жалпы 656,9 миң сомдук жумуштардын көлөмү калыбына келтирилсин.

## Ош шаардык маданият башкармалыгы боюнча:

**Аныкталды жана Корутунду:**

Ош шаардык маданият башкармалыгынын балансына жана материалдык отчетторуна ылайык, 2022-жылы эсептен чыгышталган негизги каражаттардын ичинен жалпы баасы 90,7 миң сомдук 2 (эки) даана компьютер жана 2 (эки) даана ноутбук тастыктоочу документтери жок эсептен негизсиз чыгышталган.

Аудит учурунда, Дебет эсебине 3112 “машина жана жабдуулар инвентаризациянын жыйынтыгы менен” жана Кредит эсебине 4111 “финансылык натыйжа” 90,7 миң сомго бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп жана Ош шаардык маданият башкармалыгынын балансына көбөйтүү үчүн бухгалтердик маалымкат түзүлдү.

**Сунуштама:**

Негизги каражаттарды негизсиз чыгыштоолорго жол берилбесин жана алардын эсебине көзөмөлдөө күчөтүлсүн.

**Ош шаардык спорттук медицина жана калыбына келтирүү борбору боюнча:**

**Аныкталды жана Корутунду:**

Ош шаардык спорттук медицина жана калыбына келтирүү борборунун 2023-жылдын 1-январына карата балансына ылайык, атайын каражаттардын эсебинен кызматкерлердин эмгек акысынан жалпы 42,3 миң сомго кредитордук карыздар чагылдырылган.

Ал эми, 2022-жылга кызматкерлердин эмгек акысын эсептөө китепчесинде жылдын башына жана аягына карата дебитордук жана кредитордук карыздар жок. Жыйынтыгында жалпы 42,3 миң сомго көтөрмөлөнгөн кредитордук карыз келип чыкты.

Аудит учурунда жалпы 42,3 миң сомго бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп жана Ош шаардык спорттук медицина жана калыбына келтирүү борборунун балансынан азайтуу үчүн бухгалтердик маалымкат түзүлдү.

**Сунуштама:**

Кредитордук карыздарды негизсиз жогорулатууларга жол берилбесин жана алардын эсебине көзөмөлдөө күчөтүлсүн.

**“Ошсвет” муниципалдык ишканасы боюнча:**

**Аныкталды жана Корутунду:**

Тандалма аудиттин алкагында жүргүзүлгөн инвентаризациянын жыйынтыгында материалдык жооптуу жак Э. Исаковдон 9,0 миң сомго товардык-материалдык баалуулуктардан ашыкча аныкталды (Аудит учурунда эсеп боюнча калыбына келтирилди).

**Сунуштама:**

Товардык-материалдык баалуулуктардан жетишпестиктерге жана ашыкча чыгууларга жол бербөө боюнча көзөмөл күчөтүлсүн.

**Ош шаарынын мэриясынын**
**Капиталдык курулуш башкармалыгы боюнча:**

**Аныкталды жана Корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 152-беренесин бузуу менен, айрым кызмат ордуларына квалификациялык талаптар өз убагында аныкталган эмес. Аудиттелген мезгил аралыгынан кийин, тактап айтканда, 2023-жылдын 10-февралында гана квалификациялык талаптар аныкталган. Бирок, бүгүнкү күндө инженердик-техникалык пландаштыруу жана долборлоо боюнча башкы адисинин кызматтык регламентинин талаптарына шайкеш келбеген шартта, башкы адис А. Сагынбаеванын “имараттарды долборлоо” жана “имараттарды жана курулуштарды долборлоо” боюнча жогорку билими, ошондой эле 5 жылдан кем эмес эмгек стажы жок экендиги аныкталды.

**Сунуштама:**

2023-жылдын 10-февралында бекитилген инженердик-техникалык пландаштыруу жана долборлоо боюнча башкы адисинин кызматтык регламентинин талаптарына шайкеш келбеген шартта, тиешелүү жогорку билими жана эмгек стажы жетишсиз болгон А. Сагынбаеванын кызмат ордуна шайкеш келиши каралсын.

**Аныкталды жана Корутунду:**

Ош шаарынын мэриясынын Капиталдык курулуш башкармалыгында 2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгында бюджеттик каражаттардын эсебинен аткарылган капиталдык оңдоо жана курулуш куроо иштерине жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыгы менен подрядчылар тарабынан аткарылган жумуштар боюнча ашыкча көтөрмөлөнгөн жумуштардын көлөмү жалпы 1362,2 миң сомду түзгөнү аныкталды жана төмөндөгү подрядчылар тарабынан калыбына келтирүүгө жатат, алар:

- “Бек Строй ЛТД” ЖЧКсы 65,4 миң сом;
- “СК Лидер” ЖЧКсы 166,8 миң сом;
- “Гранд Сити” ЖЧКсы 89,2 миң сом;
- “Амантур Строй Сервис” ЖЧКсы 151,8 миң сом;
- “Сапат Курулуш” ЖЧКсы 75,9 миң сом;
- “СПП Ошкоопкурулуш” ЖЧКсы 18,8 миң сом;
- “Жакып Ата” ЖЧКсы 783,9 миң сом;
- “АКА” ЖЧКсы 10,4 миң сом.

**Сунуштама:**

Аткарылган иштерди кабыл алган учурда, актыда жазылган көлөмдөрдүн иш жүзүндө аткарылган көлөмгө туура келиши такталсын. Подрядчылар тарабынан ашыкча жогорулатылган жалпы 1362,2 миң сомдук жумуштардын көлөмү калыбына келтирилсин.

**Ош шаарынын мэриясынын Тышкы байланыштар жана аналитика башкармалыгы боюнча:**

**Аныкталды жана Корутунду:**

2022-жылдын жыйынтыгы боюнча өз ара эсептешүү актысына негиз 2022-жыл ичинде социалдык төлөмдөргө чыныгы эсептелген суммага карата которуулардын ашыкча болгондугунан, жыл аягына карата 18,7 миң сом Социалдык фондко ашыкча которуу пайда болгон.

**Сунуштама:**

Социалдык төлөмдөр боюнча ашыкча которулууларга жол берилбесин.

**Аныкталды жана Корутунду:**

Сапар чыгымы боюнча аудиттин жүрүшүндө, Ош шаарынын мэриясынын тышкы байланыштар жана аналитика башкармалыгында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы № 471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө" токтому сакталбастан, 4 жолу кызматтык иш сапарларынын турак-жайынын ижаралоосуна, күнүмдүк чыгымдарга жана жол кире акысына ашыкча төлөнүп берилген, кызматкерлерден бюджетке кайтарылуучу сумма 7,7 миң сомду түзөт. Аудит убагында 7,7 миң сом бюджетке кайтарылды.

**Сунуштама:**

Кызматтык сапар көбөлүгүнүн барып келүү датасы, барган мекеменин мөөрү, кол тамгасы жана келгенден кийин кол тамгасы, мөөрү, авансылык отчетту толтуруу жана буйрук менен кызматтык сапардын чыгымдарынын буйругунун туура келүүсүнө өзгөчө көңүл бурулсун.

**"А. Сүйүнбаев атындагы Ош шаардык стадиону жана "Алай" футболдук клубу" муниципалдык ишканасы боюнча:**

**Аныкталды жана Корутунду:**

"Ош Ак-Таш" ЖЧКсы 2022-жылдын май-август айларында Алай футболдук клубунун кичи футбол талаасында 2018,4 миң сомдук машыктыруучу аянтчасын куруу жумуштары аткарылып, футбол клубуна өткөрүлүп берилген.

Аталган 2018,4 миң сомдук жумуштар комиссия тарабынан кабыл алынбай, бухгалтердик эсепке өз убагында кириштелбеген жана капитализация жүргүзүү үчүн, мүлк ээси Ош шаарынын мэриясынын Муниципалдык менчик башкармалыгына өткөрүлгөн эмес.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 "Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар (бюджеттик мекемелерди албаганда) тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндө" токтомунун 3-главасынын 2-параграфынын 22-пункутунун 3-пункутчасынын талаптары сакталбастан, негизги каражаттарды жана материалдык эмес активдерди эсепке алуу жана аларды тиешелүү мекемелерге өткөрүп берүү өз убагында жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

2018,4 миң сомдук машыктыруу аянтчасын куруу жумуштары комиссия тарабынан кабыл алынып, бухгалтердик эсепке киришгелип, капитализация жүргүзүү үчүн, мүлк ээси Ош шаарынын мэриясынын Муниципалдык менчик башкармалыгына өткөрүлүп берилсин.

**Аныкталды жана Корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2018-жылдын 28-мартындагы №166/51-6 токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча 2018-2022-жылдарга мамлекеттик программасынын" (үчүнчү этап) талаптары бузулуп, 2022-жыл ичинде кассалык операциялардын кириш чыгышы, жооптуу адамдарга чарбалык иштерди жүргүзүүгө каражаттар, товар тапшыруучулар менен эсептешүүлөр, кызматкерлердин эмгек акылары кассадан накталай акча берүү аркылуу жүргүзүлгөн.

Ош шаарынын стадионунун кассасынан 2022-жыл ичинде накталай берилген акчалардын көлөмү 1917,6 миң сомду түзгөн.

Белгилеп кетүүчү нерсе, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2018-жылдын 28-мартындагы №166/51-6 "Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча 2018-2022-жылдарга мамлекеттик программасын" (үчүнчү этап) бекитүү жөнүндө" токтому, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 13-декабрындагы № 675 токтомуна ылайык күчүн жоготкон.

**Аныкталды жана Корутунду:**

Контракттын негизинде төлөнүп жаткан эмгек акыдан (вознаграждение) Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 189-беренесинин талаптары сакталбастан, 2022-жыл үчүн киреше салыгы 10 % 2348,3 миң сомго, Кыргыз Республикасынын 1996-жылдын 17-июнундагы №20 "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жөнүндө" Мыйзамынын 23-24-беренелеринин талаптары сакталбастан камсыздандыруу төлөмү 10 % 2113,4 миң сомго жана камсыздандыруу төлөмү 17,25 % 4050,8 миң сомго эсептөө жүргүзүлгөн эмес, кармалбаган жана тиешелүү бюджеттерге которулбаган.

**Сунуштама:**

2022-жылдын 31-декабрына карата эсептелбей калган 2348,3 миң сомдук киреше салыгын жана 6164,2 миң сомдук Социалдык төлөмдөрдү тиешелүү бюджеттерге которуу камсыз кылынсын жана киреше салыгын жана Социалдык төлөмдөрдү тиешелүү бюджеттерге которууну камсыз кылбаган кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана Корутунду:**

"Бай-Ата Плюс" ЖЧКсы 2022-жылдын май-август айларында Алай футболдук клубунун кичи футбол талаасында аткарылган 3397,5 миң сомдук апилка талаасын куруу жана оңдоп-түзөө жумуштары комиссия тарабынан кабыл алынбай, бухгалтердик эсепке өз убагында киришгелбеген жана

капитализация жүргүзүү үчүн, мүлк ээси Ош шаарынын мэриясынын Муниципалдык менчик башкармалыгына өткөрүлгөн эмес.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 “Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар (бюджеттик мекемелерди албаганда) тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндө” токтомунун 3-главасынын 2-параграфынын 22-пункутунун 3-пункутчасынын талаптары сакталбастан, негизги каражаттарды жана материалдык эмес активдерди эсепке алуу жана аларды тиешелүү мекемелерге өткөрүп берүү өз убагында жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

Аткарылган 3397,5 миң сомдук апилка талаасын куруу жана оңдоп-түзөө жумуштары комиссия тарабынан кабыл алынып, бухгалтердик эсепке киришелип, капитализация жүргүзүү үчүн, мүлк ээси Ош шаарынын мэриясынын Муниципалдык менчик башкармалыгына өткөрүлүп берилсин.

## К. Ташбаев атындагы Ош шаарынын борборлоштурулган китепкана тармагы боюнча:

**Аныкталды жана Корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 2-декабрындагы №541 “Республикалык бюджеттин чыгашаларын оптималдаштыруу, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттик каражаттарды пайдалануусунун натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгынын талаптарына негиз, ар бир мамлекеттик органдын жетекчилиги республикалык бюджетинин каражаттарын үнөмдүү жана эффективдүү пайдаланышы керек. Бирок, бул талаптар Ош шаарынын борборлоштурулган китепкана тармагынын жетекчилиги тарабынан сакталбастан, 2022-жылдын бекитилген штаттык ыраттамасында каралып жана тастыкталган штаттык бирдиктерден пайда болгон вакансттык орундар кээ бир кызматкерлерге 0,5 бирдиктен кошумча жумуш орду катары буйрук чыгарылып, кошумча эмгек акысына эсептөөлөр жүргүзүлгөн. 2022-жылдын жыйынтыгы боюнча эмгек акыга кошумча эсептөөлөр 101,0 миң сомду түзгөн. Бул жерде белгилей кетчү нерсе, эмгек акыга кошумчалар 0,5 бирдик, иштеп жаткан кызматкердин негизги жумушу менен кошумча жумушунун туура келбегендигине карабастан, айкалыштыруу аркылуу төлөнүп берилген (мисалы: жетекчи-художник, бухгалтер-художник).

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 2-декабрындагы №541 Жарлыгынын талаптарына ылайык, мындан ары, Ош шаарынын борборлоштурулган китепкана тармагы тарабынан, республикалык бюджеттин каражаттарын үнөмдүү жана натыйжалуу пайдалануу үчүн, эмгек акы төлөөлөрдү тартипке келтирип, негизги иш ордуна жана ишти айкалыштырууда туура келбеген кесиптер боюнча эмгек акы төлөөлөр токтотулсун.

**Ош шаардык жаштар иштери боюнча комитети боюнча:**

**Аныкталды жана Корутунду:**

Ош шаарынын мэриясынын 2011-жылдын 10-январындагы №1 токтомунун 1-тиркемесине ылайык бекитилген, "Ош шаардык жаштар иштери боюнча комитети жөнүндө" Жобонун 1.8-бөлүгүнө ылайык, Комитеттин түзүмү жана штаттык бирдиги Ош шаарынын мэриясы тарабынан бекитилет деп көрсөтүлгөндүгүнө карабастан, Комитеттин 2022-жылга штаттык жадыбалы Комитеттин төрагасы Ж. Жусупбеков тарабынан бекитилген.

**Сунуштама:**

Ош шаардык жаштар иштери боюнча комитетинин штаттык бирдиктерин белгилөө, эмгек акы фондусун бекитүү, Ош шаарынын мэриясынын 2011-жылдын 10-январындагы №1 токтомунун 1-тиркемесине ылайык бекитилген, "Ош шаардык жаштар иштери боюнча комитети жөнүндө" Жобонун 1.8-бөлүгүнө ылайык, Ош шаарынын мэриясы тарабынан ишке ашырылсын.

**Аныкталды жана Корутунду:**

2022-жылга бекитилген штаттык ыраттамада каралбаган кызмат ордуна сатып алуулар иштерин жүргүзүүнү камсыздоо үчүн башкы бухгалтер А. Жусубалиевага кошумча 25 пайыз өлчөмүндө эмгек акы төлөп берүү жөнүндө төраганын милдетин аткаруучу Ж. Жусупбековтун 2022-жылдын 10-январындагы №5 буйругу чыккан. Комитеттин төрагасынын милдетин аткаруучу Ж. Жусупбековтун негизсиз чыгарылган буйругунун натыйжасында, 2022-жылы 57,7 миң сом эмгек акы төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Ош шаардык жаштар иштери боюнча комитетинин жетекчилиги тарабынан, негизги иш ордуна жана ишти айкалыштырууда штаттык ыраттамада каралган жана белгиленген кесиптер боюнча гана эмгек акы төлөөлөр жүргүзүлсүн.

**Ош шаардык "Боорукердик үй-интернаты" мекемеси боюнча:**

**Аныкталды жана Корутунду:**

Депозиттик эсептин 2022-жылдын 1-январына жана 31-декабрына карата калдыгы 2,9 миң сомду түзөт, ал жаңылыш которулган атайын эсептин каражаттары болуп саналат жана кайра атайын эсепке кайтарылууга жатат.

**Сунуштама:**

Депозиттик эсептеги 2021-жылдан бери калдык болуп келе жаткан, жаңылыш которулган 2,9 мин сом суммасы атайын эсепке кайтарылсын.

**Ош шаарынын мэриясынын алдындагы көп тармактуу "Үй-бүлөгө жана балдарга жардам берүү борбору" мекемеси боюнча:**

**Аныкталды жана Корутунду:**

Ош шаарынын мэриясынын алдындагы көп тармактуу “Үй-бүлөгө жана балдарга жардам берүү борбору” мекемеси тарабынан социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн 2022-жылдын аягына 112,0 миң сомдук ашыкча которуулар жүргүзүлгөн же болбосо Ош шаардык салык кызматынын дебитордук карызы 112,0 миң сомду түзөт.

**Сунуштама:**

Үй-бүлөгө жана балдарга жардам берүү борбору” мекемеси тарабынан дебитордук карыздар боюнча укуктук ченемдик документтердин негизинде иш жүргүзүү камсыздалсын.

**Ош шаарынын мэриясынын алдындагы автогараж мекемеси боюнча:**

**Аныкталды жана Корутунду:**

Ош шаарынын мэриясынын алдындагы автогараж мекемеси, 2022-жылдын декабрь айында кызматкерлерге он үчүнчү эмгек акыны эсептөөдө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 22-декабрындагы №792 токтому менен бекитилген, “Он үчүнчү эмгек акыны эсептөө тартибинин” талаптарын бузуу менен, кызматкерлерге ашыкча 178,6 (152,3+(152,3*17,25%)) миң сом төлөнүп берилген.

Ош шаарынын мэриясынын алдындагы автогараж мекемеси аудит камтыган мезгил аралыгында штаттык бирдиктен ашыкча 1 кызматкер эмгек келишимдин негизинде айдоочу катары М. Маматалиев кабыл алынып, эмгек акы катары 18,1 миң сом төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Он үчүнчү эмгек акыны эсептөөдө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 19-мартындагы № 123 токтому менен бекитилген, “Он үчүнчү эмгек акыны эсептөөнүн тартибинин” талаптары так аткарылсын. Он үчүнчү эмгек акыны эсептөөдө бузууларга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

Штаттык бирдиктен сырткары кызматкерлерди жумушка кабыл алуу практикасы токтотулсун.

**Аныкталды жана Корутунду:**

1. Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгы менен Ош шаарынын мэриясынын алдындагы автогараж мекемесинин ортосунда, ыкчам башкарууга берилген негизги каражаттарды башкаруу боюнча келишимдер жана автогараж мекемесинин оперативдик башкармалыгында болгон негизги каражаттардын тизмеси, Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгы тарабынан аудитке көрсөтүлгөн жок. Ош шаарынын мэриясынын алдындагы автогараж мекемесинде Ош шаарынын мэриясынын балансында жок 3 даана автомашина бар экендиги аныкталды. Кызматкерлердин түшүндүрмөсүнө ылайык, алардын 2 даанасы бузук абалда, 1 даанасы “Тойота Прадо” автоунаасы абалы жакшы. Аудит камтыган мезгил аралыгында, Ош шаарынын мэриясынын кызматкерлери тарабынан Тойота Прадо унаасы колдонулуп келген. Аудитке

берилген маалыматка ылайык, 2022-жылы 3250 литр күйүүчү май же 217,9 миң сом, оңдоп түзөөгө 73,9 миң сом, жалпы болуп 291,8 миң сом негизсиз сарпталган.

2. Тандалма аудиттин негизинде, товардык-материалдык баллулуктардын келиши жана эсептен чыгарылышы 2021-2022-жылдардын 31-декабрына болгон калдыктын негизинде жүргүзүлдү. Аудитке берилген документтерге ылайык, сатып алынган тетиктердин баштапкы эсепке алуучу документтери (счет-фактура, накладная) жок эсепке алынып жана эсептен чыгаруу актылары жок 38,3 миң сом эсептен негизсиз чыгарылган.

3. Товардык-материалдык баалуулуктардын калдыктарына каттоо жүргүзүүдө, 10 даана жалпы баасы 42,0 миң сом дөңгөлөк кем чыкты. Аудит учурунда жетишпеген дөңгөлөктөр калыбына келтирилди.

4. Ош шаарынын мэриясынын бекитилип берилген күйүүчү майды керектөөсүнүн лимитинин талаптарын бузуу менен, аудит камтыган мезгил аралыгында жалпы 606,3 миң сомдук же 8030 литр күйүүчү май ашыкча сарпталган.

**Сунуштама:**

1. Автогараж мекемеси Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгы менен биргеликте тез арада карамагында болгон мүлккө инвентаризация жүргүзүлсүн, ыкчам башкарууга берилген негизги каражаттар боюнча ведомстволор менен келишимдер түзүлсүн.

2. Тастыктоочу документтери жок автоунаалар боюнча сот органдары аркылуу чыныгы ээлерин аныктап, же Ош шаарынын мэриясынын балансына кабыл алуу камсыздалсын.

3. Тастыктоочу документтери жок автоунааларга күйүүчү май жана унаа тетиктерин алмаштырууга тыюу салынсын. Балансга жок “Тойота Прадо” автоунаасын чыгыштоого жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

4. Күйүүчү майды эсептен чыгарууда, бекитилген лимиттер сакталсын жана эсептен чыгарууда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун талаптары так аткарылсын.

**Жапалак айылдык аймактык башкармалыгы боюнча:**

**Аныкталды жана Корутунду:**

Ош шаарынын мэриясынын Жапалак айылдык аймактык башкармалыгынын мамлекеттик сатып алууларын талдап жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында, конкурстарда төмөн баа берип кайра ар кандай себептерден конкурска катышуудан баш тарткан айрым камсыздоочуларды ишенимсиз жабдуучулардын тизмесине киргизүү үчүн, тиешелүү органга маалымдаган эмес.

**Сунуштама:**

Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптары так аткарылсын, “Белек Строй” ЖЧКсын жана “Алтын кылым доору ЖЧКсын ак ниет эмес жабдуучулардын жана консультанттардын маалыматтар базасына киргизүү үчүн, тиешелүү органга маалымдалсын.

**Аныкталды жана Корутунду:**

1. Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлеринин 2022-жылга жалпы айдоо жер аянты 1162 га барабар, анын ичинен: суугат жер 305 га.

2022-жылы Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун 921,12 жер аянты 2238,2 миң сом ижара акысы эсептелген, жыл ичинде ижаарачылар тарабынан 2219,6 миң сом төлөнгөн. 2022-жылы ижара берилбей калган Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлери 130 ганы түзүп, жыйынтыгында бюджеттик жоготуулар (130,0*536) 69,7 миң сомду түздү.

2. Ош шаарынын автоунаа базарына Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлеринин эсебинен 28,0 га жер тилкеси бөлүнүп, азыркы күндө унаа базары катары колдонулуп келинет. Бирок, Жер балансынын 22 жана 22-а формаларында унаа базар жайгашкан жердин категориясы өзгөртүлгөн эмес, башкача айтканда айдоо жер категориясы катары эсепте турат.

**Сунуштама:**

1. Жапалак айылдык аймактык башкармалыгына караштуу ижарага берилбей жүргөн Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү жолдору каралсын жана бюджеттик жоготууларга жол берилбесин.

2. Ош шаарынын автоунаа базары жайгашкан жер участогу, тез арада жер участоктун колдонулган максатына трансформациялансын.

**“Сулайман-Тоо” муниципалдык аймактык башкармалыгы боюнча:**

**Аныкталды жана Корутунду:**

“Сулайман-Тоо” муниципалдык аймактык башкармалыгы (мындан ары – Башкармалык) кызматкерлерге эмгек акы эсептөөдө, 2022-жылдын август айында башкармалыктын башчысы Э.Ж. Караевге 9,6 миң сом, башкы адис А. Тологоновага 7,3 миң сом аз, ал эми кароолчулар Х. Салиевге, Д. Режаповага жана тазалоочу Д. Таджиевага 27,0 миң сомго көп эсептелгени аныкталды.

**Сунуштама:**

“Сулайман-Тоо” муниципалдык аймактык башкармалыгынын башчысы Э.Ж. Караевге жана башкы адис А. Тологоновага эмгек акыга кошумча үстөк акылар кайра эсептелинип берилсин жана эмгек акы эсептөөдө, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин талаптары так аткарылсын.

**Аныкталды жана Корутунду:**

1. Башкармалыктын балансында автоунаа жок болгондуктан, С.А. Балтабаевге тиешелүү Мерседес-Бенц GL 450, мамлекеттик номери 02KG633 АСК, кыймылдаткычтын көлөмү 4498 куб.см автоунаа ижарага колдонуу келишими түзүлгөн. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги № 240 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" токтомунун талаптарын бузуу менен, башкармалык колдонгон автоунаанын кыймылдаткычынын көлөмү 4498 куб.см түздү.

2. Башкармалыктын балансындагы 3111-имараттар жана курулуштар беренесинде 12064,9 миң сомго капитализацияланган Ош шаарынын муниципалдык менчиктеги объектерди капиталдык ремонттоого жумшалган акча каражаттар, Ош шаарынын муниципалдык башкармалыгынын балансына өткөрүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги № 240 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" токтомунун талаптары так аткарылсын.

2. Башкармалыктын балансындагы 3111-имараттар жана курулуштар беренесинде капитализацияланган Ош шаарынын муниципалдык менчиктеги объектерди капиталдык оңдоо иштерине жумшалган акча каражаттар Ош шаарынын муниципалдык башкармалыгынын балансына өткөрүлсүн.

**Аныкталды жана Корутунду:**

1. Аудит камтыган мезгил аралыгында, башкармалык мамлекеттик сатып алуу электрондук вэб порталында жайгаштырган шарттарды, сатып алуу келишимдердин жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча жобонун" талаптарын бузуу менен, товарлар жана кызматтар 100 % авансылык төлөмдөрдүн негизинде, жалпы 8916,7 миң сомго сатып алынган.

2. Ош шаарынын мэриясынын "Сулайман-Тоо" айылдык аймактык башкармалыгынын мамлекеттик сатып алууларын талдап жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында, конкурстарда төмөн баа берип кайра ар кандай себептерден конкурска катышуудан баш тарткан айрым камсыздоочуларды ишенимсиз берүүчүлөрдүн тизмесине киргизүү үчүн, тиешелүү органга маалымдаган эмес.

**Сунуштама:**

1. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү

боюнча” жобосунда белгиленген талаптарын жетекчиликке алып, банктык кепилдиктер жок болгон учурда, келишимдеги суммадан 10 % ашкан учурда, алдын ала төлөөлөр токтотулсун жана көзөмөлдөө күчөтүлсүн.

2. Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптары так аткарылсын, “Ак-Ой” ЖЧКсын ак ниет эмес жабдуучулардын жана консультанттардын маалыматтар базасына киргизүү үчүн, тиешелүү органга маалымдалсын.

**“Курманжан Датка” муниципалдык аймактык башкармалыгы (мындан ары – Башкармалык) боюнча:**

**Аныкталды жана Корутунду:**

Башкармалыктын депозиттик эсептешүү эсебинде 2,9 миң сом 3 жылдан ашык мөөнөттө сакталып келет. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы №626 токтому менен бекитилген, “Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө” жобонун 3, 4-пунуктtарына ылайык, тиешелүү бюджеттин кирешесине которулулган эмес. Аудиттин жүрүшүндө тиешелүү бюджетке киреше катары которулду.

**Сунуштама:**

Депозиттик эсепке салынган акча каражаттарды өз убагында кайтаруу жана которуу боюнча иштер жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана Корутунду:**

2022-жылга башкармалык берген маалыматтар боюнча, киреше салыгы 3,6 миң сомго жана Социалдык фондго камсыздандыруу төлөмдөрү боюнча 23,4 миң сомго ашыкча төлөө жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:**

Киреше салыгы боюнча ашыкча төлөнгөн 3,6 миң сом жана Социалдык фондго камсыздандыруу төлөмдөрү боюнча ашыкча төлөнгөн 23,4 миң сом кийинки которуудан кыскартылсын.

**Аныкталды жана Корутунду:**

Мөөнөтү өтүп кеткен дебитордук карыздар жалпысынан 236,5 миң сомду түзгөн, анын ичинен: жеке ишкер М.С. Кадыровто 142,0 миң сом, Ош горгаз мекемесинде 94,5 миң сом. Бүгүнкү күндө, Башкармалык тарабынан аталган дебитордук карыздар өндүрүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

Башкармалык тарабынан, жеке ишкер М.С. Кадыровтон 142,0 миң сомдук, Ош шааргаз мекемесинен 94,5 миң сомдук дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча иштер жүргүзүлсүн жана көзөмөл күчөтүлсүн.

**Аныкталды жана Корутунду:**

“Курулуш кызматын сатып алуу” беренеси боюнча кириштелген негизги фонддун тизмеги тийиштүү мекемелердин балансына өткөрүлүп берилген эмес,

учурда Башкармлыктын бухгалтердик балансында жалпы 2403,9 миң сом калдыгы көрсөтүлгөн.

**Сунуштама:**

Жалпы 2403,9 миң сомдук аткарылган жумуштарга капитализация жүргүзүү үчүн, мүлк ээси Ош шаарынын мэриясынын Муниципалдык менчик башкармалыгына өткөрүлүп берилсин жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" буйругунун талаптарын бузууга жол берилбесин.

**"Керме Тоо" муниципалдык аймактык башкармалыгы (мындан ары – Башкармалык) боюнча:**

**Аныкталды жана Корутунду:**

Кызматкерлерге сый акыны чегерүүдө туура эмес эсептөөлөр жүргүзүлуп, натыйжада негизсиз 44,1 миң сом кызматкерлерге ашыкча төлөнгөн. Ошондой эле, техникалык кызматкерлерге кирген маала башчыларына эмгек өргүүсүнө 28 күндүн ордуна 30 күн саналып, 6,7 миң сом ашыкча сарпталган, бардыгы 50,8 сом ашыкча эсептелинген. Аудит жүргүзүү учурунда, ашыкча эсептелинип кеткен 50,8 миң сом суммадагы акча каражаты, 2023-жылдын декабрь айында, Башкармалыктын тиешелүү кызматкерлеринин эмгек акысынан кармалып ордуна коюлду.

**Сунуштама:**

Эмгек акыларды эсептөөдө, ашыкча эсептөөлөргө жана төлөөлөргө жол берилбесин.

**Аныкталды жана Корутунду:**

2022-жылга Башкармалык берген эсептик жана акты маалыматтар боюнча, киреше салыгы 5,8 миң сомго ашыкча жана Социалдык фондго камсыздандыруу төлөмдөрү боюнча 103,3 миң сомго жеткирилбей төлөө жүргүзүлгөн. Салык органдары менен түзүлгөн Башкармалыктын салыштыруу актысында дебитордук жана кредитордук карыздар менен дал келбегендиги аныкталды. Социалдык фондко камсыздандыруу төлөмдөрү боюнча 103,3 миң сомдук кредитордук карыз, аудит учурунда такталып которулду.

**Сунуштама:**

"Керме Тоо" муниципалдык аймактык башкармалыгы тарабынан, киреше салыгы боюнча дебитордук карыздарды, укуктук ченемдик документтердин негизинде иш жүргүзүү камсыздалсын.

**Аныкталды жана Корутунду:**

Жергиликтүү бюджеттин эсебинен салым катары 1882,2 миң сомго такталып, курулуш иштерине 1871,2 миң сомго кассалык чыгашалар жүргүзүлгөн. 1871,2 миң сомдук аткарылган курулуш иштери, капитализация жүргүзүү үчүн, мүлк ээси Ош шаарынын мэриясынын Муниципалдык менчик башкармалыгына өткөрүлүп берилбестен, Башкармалыктын бухгалтердик

балансында 3111 “Имараттар жана курулмалар” катары туура эмес кириштелген.

**Сунуштама:**

Аткарылган 1871,2 миң сомдук курулуш иштерине капитализация жүргүзүү үчүн, мүлк ээси Ош шаарынын мэриясынын Муниципалдык менчик башкармалыгына өткөрүлүп берилсин жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” буйругунун талаптарын бузууга жол берилбесин.

**“Амир Темир” муниципалдык аймактык башкармалыгы (мындан ары – Башкармалык) боюнча:**

**Аныкталды жана Корутунду:**

Салык органдары менен түзүлгөн Башкармалыктын салыштыруу актысы дебитордук жана кредитордук карыздар менен дал келбегендиги аныкталды. 2022-жылга Башкармалык берген акты маалыматтар боюнча, киреше салыгы 102,1 миң сомго, ошондой эле, Социалдык фондго камсыздандыруу төлөмдөрү боюнча 286,7 миң сомго ашыкча төлөөлөр көрсөтүлгөн.

**Сунуштама:**

“Амир Темир” муниципалдык аймактык башкармалыгы тарабынан киреше салыгы жана Социалдык фондго камсыздандыруу төлөмдөрү боюнча дебитордук карыздарды, укуктук ченемдик документтердин негизинде иш жүргүзүү камсыздалсын.

**Аныкталды жана Корутунду:**

Башкармалык менен “Кафсар” ЖЧКсынын ортосунда, Башкармалыктын көчөлөрүнө электр линияларын тартуу үчүн, 2022-жылдын 26-декабрында №30 келишим түзүлгөн. Башкармалык тарабынан 2022-жылдын 28-декабрында аткарылган иштерди кабыл алуу актысы жок 290,8 миң сомго төлөмдөр жүргүзүлгөн, башкача айтканда, каржылоо жыл аягында болгондугуна байланыштуу, башкармалыктын жылдык балансында дебитордук карыз пайда болгон.

**Сунуштама:**

“Амир Темир” муниципалдык аймактык башкармалыгы тарабынан дебитордук карыздарды, укуктук ченемдик документтердин негизинде иш жүргүзүү камсыздалсын.

**Аныкталды жана Корутунду:**

Кош каржылоо долбоору аркылуу ишке ашкан канализация, трасформатор, газификация башкармалыктын негизги фонддор боюнча балансында турган 6407,4 миң сом суммасындагы коммуналдык чарба каражаттарын, аткарылган жумуштардын кабыл алуу актысы менен, капитализация жүргүзүү үчүн, мүлк ээси Ош шаарынын мэриясынын Муниципалдык менчик башкармалыгына өткөрүп берилген эмес.

**Сунуштама:**

Аткарылган 6407,4 миң сом суммасындагы жумуштар капитализация жүргүзүү үчүн, мүлк ээси Ош шаарынын мэриясынын Муниципалдык менчик башкармалыгына өткөрүлүп берилсин жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" буйругунун талаптарын бузууга жол берилбесин.

**Аныкталды жана Корутунду:**

2022-жылдын 23-ноябрында асфальт төшөө иштерине "Асфальтобетон" акционердик коому менен 1209,5 миң сомго №27 келишим аткаруу мөөнөтү көрсөтүлбөстөн түзүлгөн. 25-ноябрда жана 27-декабрда келишимдин шарттары бузулуп, 1209,5 миң сом толугу менен которулуп, дебитордук карызды пайда кылган.

Аудиттин жүрүшүндө, "Асфальтобетон" акционердик коомунун өкүлдөрү чакырылып, түшүнүк кат алынды. Эки тараптын салыштыруу актысы түзүлдү, аткарылган иштердин кабыл алган мөөнөтү такталып 25,0 миң сом айып пул эсептелип, тиешелүү бюджетке которулду.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобонун 312-пункутунда кызматтарды көрсөтүү жана жумуштарды аткаруу үчүн, аванстык төлөмдөрдүн суммасы (алдын-ала төлөө) келишимдин жалпы суммасынын 10 пайызынан ашпоого тийиш деп көрсөтүлгөндүгүнө байланыштуу, мындан ары, башкармалык тарабынан келишимдин жалпы суммасынын 10 пайызынан ашык алдын ала төлөөлөр токтотулсун жана көзөмөл күчөтүлсүн.

**Аныкталды жана Корутунду:**

25,0 миң сомдук буюмдар (стулдар) кабыл алуу эсеп-фактурасы боюнча негизги фонддун курамына киргизилген.

**Сунуштама:**

Негизги каражаттарды жана баалуулугу аз жана тез эскирүүчү буюмдарды эсепке алуу, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобонун талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

## "Манас Ата" муниципалдык аймактык башкармалыгы (мындан ары – Башкармалык) боюнча:

**Аныкталды жана Корутунду:**

Эмгек акыны чегерүүдө туура эмес эсептөөлөр жүргүзүлүп, натыйжада кызматкерлерге 34,0 миң сом ашыкча төлөнгөн. Аудит жүргүзүү учурунда, ашыкча төлөнгөн 34,0 миң сом акча каражаты, 2023-жылдын декабрь айында, кызматкерлердин эмгек акысынан кармалып калыбына келтирилди.

**Сунуштама:**

Эмгек акыларды чегерүүдө, туура эмес эсептөөлөргө жана ашыкча төлөөлөргө жол берилбесин.

**Аныкталды жана Корутунду:**

2022-жылга Башкармалык берген эсептик маалыматтар боюнча, Социалдык фондго камсыздандыруу төлөмдөрү боюнча 27,8 миң сомго жеткирилбей төлөө жүргүзүлгөн. Салык органдары менен түзүлгөн салыштыруу актысы дал келбегендиги аныкталды. Аудиттин жүрүшүндө жеткирилбей төлөнгөн 27,8 миң сом Социалдык фондко которулуп калыбына келтирилди.

**Сунуштама:**

"Манас Ата" муниципалдык аймактык башкармалыгы тарабынан, Социалдык фондго камсыздандыруу төлөмдөрү боюнча дебитордук жана кредитордук карыздардын пайда болушуна жол берилбесин.

**Аныкталды жана Корутунду:**

Башкармалыктын конкурстук жарыялоосу менен "Асфальтобетон" акционердик коому женүүчү аталып, 2022-жылдын 25-октябрында 780,0 миң сомго Ош шаарынын Джим көчөсүнө асфальт төшөө иштерине №47 келишим түзүлгөн. Келишимдин 6.1 пункутундагы: келишим түзүлгөндөн кийин техникалык көзөмөлдөөчү кабыл алынсын деген талаптары бузулган, сметада аткарылган жумуштар техникалык көзөмөлдөөчүнүн катышуусу жок кабыл алынган. Келишимде жумуштун көлөмү, аткаруу мөөнөтү көрсөтүлбөгөндүктөн, аткаруу актыларынын мөөнөтү да жок болгон, айып пул эсептелген эмес. Аудиттин жүрүшүндө "Асфальтобетон" акционердик коомунун өкүлдөрү чакырылып, түшүнүк кат алынды. Эки тараптын салыштыруу актысы түзүлдү, аткарылган иштердин кабыл алган мөөнөтү такталып, 39,0 миң сом айып пул эсептелип, тиешелүү бюджетке которулду.

**Сунуштама:**

Келишимде көрсөтүлгөн талаптарга ылайык, аткарылган жумуштарды кабыл алуу техникалык көзөмөлдөөчүнүн катышуусу менен жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана Корутунду:**

Башкармалыктын бухгалтердик балансында жылдын башында 3111 "Имараттар жана курулмалар" беренесинде негизги фонддор катталган эмес. Ошого карабастан, асфальт иштеринин 883,1 миң сом суммасы кириштелген жана тийиштүү мекемелердин бухгалтердик балансына өткөрүп берүү жагы каралган эмес.

**Сунуштама:**

Аткарылган 883,1 миң сом суммасындагы асфальт иштери капитализация жүргүзүү үчүн, мүлк ээси Ош шаарынын мэриясынын Муниципалдык менчик башкармалыгына өткөрүлүп берилсин жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" буйругунун талаптарын бузууга жол берилбесин.

**“Туран” муниципалдык аймактык башкармалыгы (мындан ары – Башкармалык) боюнча:**

**Аныкталды жана Корутунду:**

Кызматкерлерге кварталдык сый акыны жана 13-айлык акыны чегерүүдө туура эмес эсептөөлөр жүргүзүлүп, натыйжада кызматкерлерге негизсиз 47,1 миң сом ашыкча төлөнгөн. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 2-февралындагы ПЖ № 25 Жарлыгы менен бекитилген, “Иштеген жылдары үчүн кызматтык маянага пайыздык үстөк акыларды төлөө үчүн мамлекеттик кызматтын жана муниципалдык кызматтын стажын эсептөө тартиби жөнүндө” Жобосунун 6-пункутунун талаптары бузулуп 10,1 миң сомго ашыкча эсептөөлөр жүргүзүлгөн.

Негизсиз ашыкча кеткен 57,2 миң сом суммадагы акча каражаты аудит жүргүзүү учурунда Башкармалыктын тиешелүү кызматкерлеринен кармалып ордуна коюлду.

**Сунуштама:**

Эмгек акыларды чегерүүдө, туура эмес эсептөөлөргө жана ашыкча төлөөлөргө жол берилбесин.

**Аныкталды жана Корутунду:**

2022-жылга Башкармалык берген эсептик маалыматтар боюнча, киреше салыгы 10,5 миң сомго ашыкча, ошондой эле, Социалдык фондго камсыздандыруу төлөмдөрү боюнча 73,2 миң сомго ашыкча төлөөлөр жүргүзүлгөн.

Салык органдары менен түзүлгөн Башкармалыктын салыштыруу актысы балanstагы көрсөтүлгөн дебитордук карыздар менен 9,5 миң сомго дал келбегендиги аныкталды.

**Сунуштама:**

Киреше салыгы жана Социалдык фондко камсыздандыруу төлөмдөрү боюнча ашыкча төлөнгөн 83,7 миң сом кийинки которуудан кыскартылсын.

Социалдык фондго камсыздандыруу төлөмдөрү боюнча жеткире төлөнбөгөн жана 2023-жылга көрсөтүлбөй калган 9,5 миң сом мекеменин балансындагы дебитордук карыздардын катарына көбөйтүү үчүн көрсөтүлсүн.

**Аныкталды жана Корутунду:**

Башкармалыктын бухгалтердик балансына “Имараттар жана курулмалар” 3111-беренесине жалпы 2385,6 миң сом кириштелип, калдык катары көрсөтүлүп келген. Аталган 2385,6 миң сомдук жумуштарга капитализация жүргүзүү үчүн, мүлк ээси Ош шаарынын мэриясынын Муниципалдык менчик башкармалыгына өткөрүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

Аткарылган 2385,6 миң сомдук жумуштарга капитализация жүргүзүү үчүн, мүлк ээси Ош шаарынын мэриясынын Муниципалдык менчик башкармалыгына өткөрүлүп берилсин жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б “Мамлекеттик

башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” буйругунун талаптарын бузууга жол берилбесин.

**Ош шаарынын мэриясынын “Ош шаардык жарандарды тейлөө бюросу” муниципалдык ишканасы боюнча:**

**Аныкталды жана Корутунду:**

Депозиттик эсептешүү эсебинде 2,8 миң сом 3 жылдан ашык мөөнөттө сакталып келет. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы №626 токтому менен бекитилген, “Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө” жобонун 3, 4-пункуттарына ылайык, тиешелүү бюджеттин кирешесине которулууга тийиш. Аудиттин жүрүшүндө тиешелүү бюджетке киреше катары которулду.

**Сунуштама:**

Депозиттик эсепке салынган акча каражаттарды өз убагында кайтаруу жана которуу боюнча иштер жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана Корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 117, 126-беренелери жана “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы бузулган. Алсак, мекеменин тазалоочусу В. Малых 2022-жылы эки жолу эмгек өргүүгө чыккан. Ага, 2022-жылдын 1-апрелинде №4 буйругу менен 49,9 миң сом жана 2022-жылдын 20-декабрында №28 буйругуна ылайык 28,3 миң сом төлөнүп берилген. Ашыкча төлөнгөн 28,3 миң сом В. Малых тарабынан толугу менен калыбына келтирилди.

**Сунуштама:**

Эмгек өргүүлөрдү эсептөөдө, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин негизинде иш жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана Корутунду:**

2022-жылга мекеменин берген эсептик маалыматы боюнча, киреше салыгы 8,9 миң сомго ашыкча, Социалдык фондго камсыздандыруу төлөмдөрү боюнча 15,7 миң сомго кем төлөө жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:**

Киреше салыгына ашыкча төлөнгөн 8,9 миң сом кийинки которуудан кыскартылсын жана Социалдык фондго камсыздандыруу төлөмдөрү боюнча кем төлөнгөн 15,7 миң сом төлөнүп берилсин.

Салык органдары менен кайрадан тактоо, салыштыруу иштери жүргүзүлсүн, жыйынтыгы боюнча киреше салыгы жана камсыздандыруу төлөмдөрү боюнча кем төлөөлөрдү чегерүү жана каржылоодо ашыкча төлөмдөрдү эсепке алуу камсыздалсын.

**Аныкталды жана Корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтомунун талаптарын бузуу менен,

2022-жылдын 19-июлунда муниципалдык ишкананын жетекчиси Н. Шакир уулуна 15,0 миң сом кызматтык сапар үчүн которулган, бирок, тастыктоочу документтери жок эсептен негизсиз чыгышталган. Аудит учурунда, Н. Шакир уулу тарабынан толугу менен калыбына келтирилди.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтомунун талаптарынын бузулушуна жол берилбесин.

**Аныкталды жана Корутунду:**

“Ош шаардык жарандарды тейлөө бюросу” муниципалдык ишканасы, Кыргыз Республикасынын Ош шаарынын юстиция башкармалыгынан 2009-жылдын 13-майында кайра каттоодон өткөн, муниципалдык ишканасынын Жобосунун талаптары бузулган, мекеме ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө, Жобонун багыттарынын көрсөтмөлөрү менен иш алып барылган эмес. Иш багыттарында көрсөтүлбөгөн, алдын ала жугушсуздандыруунун тейлөө кызматы менен, көрүстөндөрдөгү келемиштерди дератизациялоо иштери 1250,0 миң сомго туура эмес багытта иш аткарылган.

**Сунуштама:**

Ош шаарынын жарандарды тейлөө бюросу муниципалдык ишканасынын Жобосунун иш алып баруу багыттарына, дератизациялоо жумуштарын киргизүү жагы, Ош шаарынын мэриясы тарабынан бекитилип, кайра каттоодон өткөрүү боюнча иш алып барылсын.

**Аныкталды жана Корутунду:**

2021-жылга салыштырмалуу баланста турган “Хундай Портер” мамлекеттик номери 33-32 ОА автоунаасы киргизилип калган. Мекеменин берген маалыматы боюнча, 2007-жылы Ош шаарынын муниципалдык менчик башкармалыгы аркылуу кабыл алуу-берүү актысы жок мекемеге өткөндүгү аныкталды.

**Сунуштама:**

Мамлекеттик номери 33-32 ОА “Хундай Портер” автоунаасынын тиешелүү документтери, буйрук, кабыл алуу актылары, балансалагы баасы тиешелүү мекеме менен такталып, тастыктоочу документтери менен эсепке алынсын. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча жобону бекитүү жөнүндө” буйругуна ылайык иш жүргүзүлсүн.

### “Ош-Тазалык” атайын адистештирилген муниципалдык ишканасы боюнча:

**Аныкталды:**

Аудит учурунда белгилүү болгондой, Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарты 15 (мындан ары – ФОЭС 15) ылайык, киреше кардарларга убада кылынган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү берүүнү чагылдырган

ыкма менен таанылат, ал товарларды же кызмат көрсөтүлөрдү жеткирүүчү талап кылган төлөмдү чагылдырат. Аудит камтыган мезгил аралыгында “Ош-Тазалык” атайын адистештирилген муниципалдык ишканасы тарабынан көрсөтүлгөн кызматтарга (таштандыларды чыгаруу) болгон жыл башындагы дебитордук карыздар, жыл ичиндеги кирешелерден азайтылгандыгына байланыштуу, жыйынтыгында жалпы суммасы 1950,2 миң сомго эсептен жаап жашырылган дебитордук карыздар келип чыкты. Аудит учурунда тийиштүү бухгалтердик өткөрүлөр жүргүзүлүп, “Ош-Тазалык” атайын адистештирилген муниципалдык ишканасынын балансына жалпы 1950,2 миң сомдук дебитордук карызды көбөйтүү үчүн көрсөтүлдү.

**Корутунду:**

Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарты 15 (мындан ары – ФОЭС 15) көрсөтүлгөн талаптары сакталбастан, жалпы 1950,2 миң сомго дебитордук карыздар эсептен жаап жашырылган.

**Сунуштама:**

“Ош-Тазалык” атайын адистештирилген муниципалдык ишканасы тарабынан дебитордук карыздар боюнча, укуктук ченемдик документтердин негизинде иш жүргүзүү камсыздалсын.

**“Ош шаардык муниципалдык автоунаа ишканасы” муниципалдык ишканасы боюнча:**

**Аныкталды жана Корутунду:**

Аудит учурунда белгилүү болгондой, “Ош шаардык муниципалдык автоунаа ишканасы” муниципалдык ишканасы тарабынан бекитилип берилген тарифтердин негизинде троллейбус мамычаларын ижарага берүүдөн киреше алып келет. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттигинин Ош шаардык бөлүмү тарабынан аталган 1 (бир) троллейбус мамычаларын ижарага берүү 1106 сомду түзөт.

Аудит камтыган мезгил аралыгында кээ бир жеке жактар менен түзүлгөн ижара келишимдери аткарылбастан, жеке жактарга берилген жалпы 12 (он эки) троллейбус мамычаларына эсептөө жүргүзүлгөн эмес, жыйынтыгында жалпы (12*1106сом=13,3 миң сом) 13,3 миң сомго бюджеттик жоготуулар келип чыкты.

**Сунуштама:**

“Ош шаардык муниципалдык автоунаа ишканасы” муниципалдык ишканасы 12 (он эки) троллейбус мамычаларын ижарага берүүдөгү жалпы 13,3 миң сом суммасын тийиштүү жеке жактардан өндүрүү иштери жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана Корутунду:**

Аудит учурунда белгилүү болгондой, Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарты 16 (мындан ары – ФОЭС 16) ылайык, бул стандарттын максаты финансылык отчеттуулукту пайдалануучулар субъектин негизги каражаттарга инвестициялары жана ал инвестициялардагы өзгөртүүлөр жөнүндө маалымат ала алышы үчүн негизги каражаттарды эсепке алуу тартибин тактоо болуп саналат. Негизги каражаттарды эсепке алуунун негизги

маселелери болуп, активдерди таануу, алардын балансттык наркын аныктоо, ошондой эле таанылууга тийиин болгон тиешелүү амортизация жана баанын түшүүсү боюнча төлөмдөр саналат, аталган стандарттын талаптары сакталбастан, тактап айтканда, “Ош шаардык муниципалдык автоунаа ишканасы” муниципалдык ишканасынын жалпы саны 1237 (бир миң эки жүз отуз жети) даана троллейбус мамычалары бухгалтердик эсепке же атайын ведомостто эсепке алынган эмес. Аудит бүткөндөн кийин, “Ош шаардык муниципалдык автоунаа ишканасы” муниципалдык ишканасы жалпы саны 1237 (бир миң эки жүз отуз жети) даана троллейбус мамычаларына көз карандысыз баалоочу тарабынан баалоо жүргүзүлүп, жалпы 52559,8 миң сомго бухгалтердик маалымкаты менен бухгалтердик эсеп боюнча кириштелди.

**Сунуштама:**

“Ош шаардык муниципалдык автоунаа ишканасы” муниципалдык ишканасынын негизги баалуулуктарынын эсебине көзөмөл күчөтүлсүн.

**Аныкталды жана Корутунду:**

Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарты 15 (мындан ары – ФОЭС 15) ылайык, киреше кардарларга убада кылынган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү берүүнү чагылдырган ыкма менен таанылат, ал товарларды же кызмат көрсөтүлөрдү жеткирүүчү талап кылган төлөмдү чагылдырат. Аудит камтыган мезгил “Ош шаардык муниципалдык автоунаа ишканасы” муниципалдык ишканасы “СТЕММА БИТ” жоопкерчилиги чектелген коомуна (мындан ары – ЖЧК) карата жумуш жана кызматтар боюнча дебитордук карызы жыл ичиндеги кирешелерден азайтылгандыгына байланыштуу, жыйынтыгында жалпы суммасы 227,0 миң сомго эсептен жаап жашырылган дебитордук карыздар келип чыкты. Аудит учурунда тийиштүү бухгалтердик өткөрүлөр жүргүзүлүп, “Ош шаардык муниципалдык автоунаа ишканасы” муниципалдык ишканасынын балансына жалпы 227,0 миң сомдук дебитордук карызды көбөйтүү үчүн көрсөтүлдү.

**Сунуштама:**

“Ош шаардык муниципалдык автоунаа ишканасы” муниципалдык ишканасы тарабынан дебитордук карыздар боюнча, укуктук ченемдик документтердин негизинде иш жүргүзүү камсыздалсын.

### “Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык турак-жай-коммуналдык ишканасы” муниципалдык ишканасы боюнча:

**Аныкталды жана Корутунду:**

“Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык турак-жай-коммуналдык ишканасы” муниципалдык ишканасы тарабынан көп кабаттуу үйлөрдү техникалык жактан тейлеп туруу кызматтарынын баасы турак-жай ээлерине 1-чарчы метр аянтка бир ай үчүн 1 сом 20 тыйын өлчөмүндө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттигинин Ош шаардык бөлүмүнүн 2011-жылдын 9-мартындагы №12-с буйругунун жана Ош шаардык Кеңешинин 2011-жылдын

22-июнундагы №238 токтомунун негизинде бекитилген, “Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык турак-жай-коммуналдык ишканасы” муниципалдык ишканасы тарабынан берилген маалыматтардын негизинде, жылдык техникалык тейлөө кызматынан 17464,8 миң сом киреше түшмөк.

Бирок, көп кабаттуу үйлөрдүн жашоочулары ишкана тарабынан көрсөтүлүүчү техникалык тейлөө кызматтарына макул болбой, келишимдер түзүлбөй келет. Көп кабаттуу үйлөрдүн жашоочулары менен келишишимдер түзүлбөй жана иштер жүргүзүлбөгөндүгүнө байланыштуу, жалпы 17464,8 миң сомго бюджеттик жоготуларга жол берилген.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттигинин Ош шаардык бөлүмүнүн 2011-жылдын 9-мартындагы №12-с буйругу жана Ош шаардык Кеңешинин 2011-жылдын 22-июнундагы №238 токтому менен бекитилген прейскуранттын негизинде, көп кабаттуу үйлөрдүн жашоочуларына түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, келишимдер түзүү жагы камсыздалсын жана көзөмөл күчөтүлсүн.

**“Ош шаарынын мэриясынын борбордук базар дирекциясы” муниципалдык ишканасы боюнча:**

**Аныкталды жана Корутунду:**

“Ош шаарынын статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренесинин 2-бөлүгүнүн 5-пункутуна Ош шаардык Кеңешинин компетенциясына муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө тарифтерди бекитүү кирери көрсөтүлгөн. Аудит камтыган мезгил аралыгында, “Ош шаарынын мэриясынын борбордук базар дирекциясы” муниципалдык ишканасы тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтардын тарифтери Ош шаардык Кеңеши тарабынан бекитилбестен, Ош шаарынын мэри тарабынан бекитилген.

Ал эми, аталган Мыйзамдын 20-беренесинин 2-пункутунда шаардын мэриясынын компетенциясына муниципалдык мекемелер тарабынан көрсөтүлүүчү акы төлөнүүчү кызматтардын жана иштердин реестрин иштеп чыгары гана көрсөтүлгөн, тактап айтканда, аталган Мыйзамдын талаптары сакталган эмес.

**Сунуштама:**

**Ош шаарынын Кеңешине:**

“Ош шаарынын статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренесинин 2-бөлүгүнүн 5-пункутуна ылайык, “Ош шаарынын мэриясынын борбордук базар дирекциясы” муниципалдык ишканасынын муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди бекитүү камсыздалсын.

**“Ош шаарынын мэриясынын борбордук базар дирекциясы” муниципалдык ишканасына:**

Мындан ары, акы төлөнүүчү кызматтарды көрсөтүүдө, “Ош шаарынын статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренесинин

2-бөлүгүнүн 5-пункутуна ылайык, Ош шаардык Кеңеши тарабынан бекитилген кызматтардын тарифтери жетекчиликке алынсын.

**Аныкталды жана Корутунду:**

Ош шаарынын мэриясынын 2022-жылдын 21-июнундагы №215 токтому менен Ош шаарынын Кара-Суу көчөсүнүн №1/5 дарегинде жайгашкан Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгынын балансында турган жалпы аянты 5333,0 чарчы метр жер тилкеси "Ош шаарынын мэриясынын борбордук базар дирекциясы" муниципалдык ишканасына ижара шартында 3 жылдык мөөнөткө убактылуу пайдаланууга берилген. Аталган токтомду ишке ашыруу максатында, 2022-жылдын 22-июнунда Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгынын башчысы С. Төрөбек уулу менен "Ош шаарынын мэриясынын борбордук базар дирекциясы" муниципалдык ишканасынын директору Н.М. Исмаилов ортосунда муниципалдык жерлерди ижара шартында убактылуу пайдалануу (мөөнөттүү) пайдаланууга берүү тууралуу №67/22 келишим түзүлгөн.

Аудит камтыган мезгил аралыгында 5333,0 чарчы метр жер тилкесинде уюштурулган чакан базарда жайгашкан түйүндөрдөн чогултулган каражаттар "Ош шаарынын мэриясынын борбордук базар дирекциясы" муниципалдык ишканасы аркылуу жүргүзүлгөн эмес, тактап айтканда, "Ош шаарынын мэриясынын борбордук базар дирекциясы" муниципалдык ишканасынын эсептешүү эсебине же кассасына эч кандай каражат түшкөн эмес жана бул тууралуу башкы эсепчисинин түшүндүрмөсүндө дагы белгиленген. Ошондой эле, 5333,0 чарчы метр жер тилкесинде уюштурулган чакан базарда жайгашкан түйүндөрдөгү сатуучулар менен эч кандай келишимдер түзүлгөн эмес, аталган 5333,0 чарчы метр жер тилкесинде уюштурулган чакан базарда канча адам соода кылары аныкталган эмес жана ар бир соода түйүндөрүнүн жерлери канча чарчы метр түзөөрүнө аныктоо жүргүзүлгөн эмес.

"Ош шаарынын мэриясынын борбордук базар дирекциясы" муниципалдык ишканасынын мурдагы директору Н. Исмаиловдун түшүнүк катында аталган базардын жарымы жабык тургандыгын, алты ай ичинде жолдорду ачып кайра соода орундуктарын толтуруу боюнча иштерди алып баргандыгы, түшкөн акча каражаттарын Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгына төгүп келгендигин жана жерди тактоо боюнча "Кадастр" мамлекеттик ишканасына бир нече жолу кайрылгандыгын көрсөткөн.

Ош шаарынын Кара-Суу көчөсүнүн №1/5 дарегиндеги 5333,0 чарчы метр жер тилкесинде уюштурулган чакан базардын ишмердүүлүгүн көзөмөлдөө "Ош шаарынын мэриясынын борбордук базар дирекциясы" муниципалдык ишканасынын чарба башчысы Б.А. Сатаровго жүктөлгөн. "Ош шаарынын мэриясынын борбордук базар дирекциясы" муниципалдык ишканасынын чарба башчысы Б.А. Сатаров тарабынан Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгына төгүлгөн жалпы 2300,0 миң сомдун эсеп дүмүрчөктөрү берилди. Б.А. Сатаровдун берген түшүнүк катында, 5333,0 чарчы метр жер тилкесинде уюштурулган чакан базар боюнча иш алып баргандыгын,

ар бир соода түйүндөр менен ижара акысы аныкталбагандыгы, келишимдер түзүлбөгөндүгү жана аудитке чогултулган акча каражаттарынын тастыктоочу документтери берилбегендиги жөнүндө көрсөтүлгөн. Эгерде Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгы тарабынан түзүлгөн ижарага берилген имараттын аянты жалпы 5333,0 чарчы метрдин эсеби менен алганда жана Ош шаарынын мэри тарабынан бекитилген тариф боюнча бир орундуктун бир чарчы метрге 10 сомдон колдонуп эсептелингенде, ишканага 1 күндө 53,3 миң сом (5333,0*10 сом), айына 1385,8 миң сом (53,3 миң сом*26 күн), 6 айга 8314,8 миң сом (1385,8 миң сом*6 ай) түшмөк. Жалпы 5333,0 чарчы метрдеги ар бир сатуучу менен түйүндөрүнүн аянты такталып, бекитилген тариф менен эсептөөлөр жүргүзүлүп, келишимдер түзүлүп, иш алып барышканда ишканага кошумча жалпы 6014,8 миң сом киреше келип түшмөк (8314,8 миң сом 6 айга түшчү киреше – 2300,0 миң бюджетке төгүлгөн каражат), башкача айтканда, жалпы 6014,8 миң сомго бюджеттик жоготуулар келип чыкты. Белгилей кетүүчү нерсе, аталган эсептөөлөр Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгы менен түзүлгөн келишимдин ижара акысынын эсебинде 5333,0 чарчы метр ижарага берилген имараттын аянты, чарчы метр деп көрсөтүлгөндүктөн, жалпы 5333,0 чарчы метрге эсептелинди.

**Сунуштама:**

“Ош шаарынын мэриясынын борбордук базар дирекциясы” муниципалдык ишканасы, 2022-жылдын 22-июнунда Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгы менен түзүлгөн №67/22 келишимдин негизинде иш жүргүзүлсүн. 5333,0 чарчы метр жер тилкесинде уюштурулган чакан базардагы ар бир сатуучунун жайгашкан аянттарына өлчөө жана тактоо жүргүзүлүп, ар бир сатуучу менен келишимдерди түзүү иштери жүргүзүлсүн.

Борбордук базардагы ар бир соода түйүндөрдөгү сатуучулар менен келишимдер түзүлбөгөндүгүнө жана ижара акыларын белгилебегендигине жол берген кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана Корутунду:**

“Ош шаарынын мэриясынын борбордук базар дирекциясы” муниципалдык ишканасы жайгашып, ишин алып барган жерлердин бүгүнкү күндө эч кандай категориясын тастыктаган жана кимге тиешелүү экендиги боюнча документтери жок. Аудит учурунда, “Ош шаарынын мэриясынын борбордук базар дирекциясы” муниципалдык ишканасы тарбынан аталган жер тилкелеринин аныктоочу документтерин тактоо иретинде, 2024-жылдын 9-январындагы №2 каты менен Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгына кайрылышканда, аталган жер тилкелерине болгон укук тастыктоочу иш кагаздар Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгында жок экендигин белгилүү болду. Берилген маалыматтарга ылайык, бүгүнкү күндө “Ош шаарынын мэриясынын борбордук базар дирекциясы” муниципалдык ишканасы түзүлгөндө, убактылуу Базар көчөсүнүн чекелеринде жолдо жайгашып иш алып барып келет.

Белгилей кетүүчү нерсе, Ош шаарынын бюджетине “Ош шаарынын мэриясынын борбордук базар дирекциясы” муниципалдык ишканасы тарабынан ижара катары киреше түшүп келет.

Бирок, бүгүнкү күндө “Ош шаарынын мэриясынын борбордук базар дирекциясы” муниципалдык ишканасы менен Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгынын ортосунда эч кандай келишимдер түзүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

“Ош шаарынын мэриясынын борбордук базар дирекциясы” муниципалдык ишканасы Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгы менен бирдикте базар жайгашкан жерди тактоо жана келишим түзүү боюнча тийиштүү иштер жүргүзүлсүн.

**“Ош шаардык суу чарба” муниципалдык ишканасы боюнча:**

**Аныкталды жана Корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтому менен бекитилген, “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде, алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун типтүү тартибинин” 12-пункутун бузуу менен, сатып алууларды уюштуруу жана өткөрүү эрежелерин жөнгө салуучу ички документтер бекитилген эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтому менен бекитилген, “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун типтүү тартибинин” 12-пункутуна ылайык, сатып алууларды уюштуруу жана өткөрүү эрежелерин жөнгө салуучу ички документтери даярдалып, бекитилсин.

Сатып алууларды уюштуруу жана өткөрүү эрежелерин жөнгө салуучу ички документтерди өз убагында даярдабаган тиешелүү кызматкерлердин жеке жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана Корутунду:**

№ 4265 конкурсунун шарттарын бузуу менен, квалификациялык талаптарга жооп бербегендигине карабастан, “Мега Сервис” ЖЧКсы (ушуга окшош келишимдер жок) негизсиз жеңүүчү деп табылып, 3358,4 миң сомго келишим түзүлгөн.

**Сунуштама:**

Квалификациялык талаптарга жооп бербеген жабдуучулар менен келишим түзүүлөргө жол бербөө боюнча көзөмөлдөө иш-чаралары күчөтүлсүн.

**Аныкталды жана Корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-августундагы № 474 “Бюджеттик чөйрөнүн кызматкерлеринин эмгек акы төлөө шарттарын жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 токтому менен бекитилген, “Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегинин” 42-бөлүмүнүн 17-пункту (компьютер менен иштөө) күчүн жоготкон. Ага карабастан, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 токтому менен бекитилген, “Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегинде” каралбаган компьютер менен иштөөдөгү зыяндуулук үчүн 2022-жылдын сентябрь-декабрь айларына карата 23,7 миң сом негизсиз төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 токтому менен бекитилген, “Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегинде” каралбаган иштерге зыяндуулук үчүн төлөмдөрдү жүргүзүү токтотулсун.

**Аныкталды жана Корутунду:**

Аудит учурунда материалдык жооптуу жак Д.А.Таировдон товардык-материалдык баалуулуктардын 0,9 миң сомго кем чыгуу жана 3,1 миң сомго ашыкча чыгуулар аныкталды (Аудит учурунда калыбына келтирилди).

**Сунуштама:**

Товардык-материалдык баалуулуктардын жетишпестиктерине жана ашыкча чыгууларына жол бербөө боюнча көзөмөл күчөтүлсүн.

**Аныкталды жана Корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы №366 “Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды чыгымдоонун линиялык ченемдерин колдонуу жана аларды эсептөө ыкмасынын Эрежелерин бекитүү жана ишке киргизүү жөнүндө” буйругу менен бекитилген линиялык ченемдерди сактабастан, Ош шаардык “Ош шаардык суу чарба” муниципалдык ишканасынын автотранспорт тармагына 2022-жылга күйүүчү майлоочу майлар жалпы 40,3 миң сомго ашыкча сарпталган. Аудит учурунда калыбына келтирилди.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы №366 “Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды чыгымдоонун линиялык ченемдерин колдонуу жана аларды эсептөө ыкмасынын Эрежелерин бекитүү жана ишке киргизүү жөнүндө” буйругу менен бекитилген линиялык ченемдер так сакталсын.

**Аныкталды жана Корутунду:**

Аудит учурунда ишкана факт жүзүндө пайдалып келген айрым жер тилкелеринин укук берүүчү актылары (мамлекеттик актылары) жок экендиги аныкталды, алар: №6 насостук станциясы - 5293 м2, “Массив калинин” СКВ резервуары - 9 64 м2, “Ак-Буура” суу алуучу тосмосу - 30400 м2, “Озгур” суу алуучу тосмосу - 44000 м2, “Мады” хлоратордук участкасы - 4500 м2, Аэропорт насостук станциясы - 8100 м2, Авиагородок ОСК - 46440 м2.

**Сунуштама:**

“Ош шаардык суу чарба” муниципалдык ишканасы иш жүзүндө пайдаланып келген айрым жер тилкелеринин чектерин тактоо жана аларга укук берүүчү мамлекеттик актыларды алуу боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн.

## Ош шаарынын “Жапалак автоунаа базары” муниципалдык ишканасы боюнча:

**Аныкталды жана Корутунду:**

ФОЭС 15-чи стандартын бузуу менен, 2022-жылдын 31-декабрына карата арендаторлордун 382,5 миң сомдук дебитордук карызы бухгалтердик эсепке алынбай жашырылган. Аталган сумма киреше катары дагы эсепке алынган эмес. Натыйжада 38,2 миң сом пайда салыгы өз убагында бюджетке чегерилген эмес.

**Сунуштама:**

Аныкталган 382,5 миң сомдук жашырылган дебитордук карыз эсеп боюнча калыбына келтирилсин.

**Аныкталды жана Корутунду:**

Бухгалтердик баланс боюнча, 2022-жылдын 31-декабрына карата жалпы 5649,7 миң сом кредитордук карыз көрсөтүлгөн. Аудит учурунда 4842,8 миң сомго жогорулатылган кредитордук карыз аныкталды. Аудит учурунда эсеп боюнча калыбына келтирилди.

**Сунуштама:**

Кредитордук карызды негизсиз 4842,8 миң сомго жогорулаткан эсепчи З. Камиловдун жеке жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана Корутунду:**

2022-жылдын 11-декабрындагы №С000000105 чыгыш кассалык ордеринин негизинде “Халык банк” ААКсынын Ош филиалындагы ишкананын эсетешүү эсебине чегерүү үчүн алынган 396240 сомдун ичинен иш жүзүндө болгону 246240 сом төгүлгөндүгү аныкталды же 150000 сомго аз. Башкача айтканда, 150,0 миң сом кем чыгуу аныкталды. Аталган кем чыгуу аудит учурунда эсепчи З. Камилов тарабынан калыбына келтирилди (Кириштөө кассалык ордери С000000113 12.02.2024-жылы).

**Сунуштама:**

Ишкананын кассасынан 150,0 миң сом кем чыгууга жол берген эсепчи З. Камиловдун жеке жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана Корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 284-беренесин бузуу менен, накталай акча каражаттарын тейлөөнү жүргүзгөн кызматкерлер менен толук материалдык жоопкерчилик тууралуу келишимдер түзүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 284-беренесине ылайык, тиешелүү кызматкерлер менен толук материалдык жоопкерчилик тууралуу келишимдерди түзүү камсыз кылынсын.

**Аныкталды:**

Аудит учурунда ишкананын жооптуу кызматкерлери: башкы эсепчи З. Камилов, экономист М. Байказаков, кассир-иш кагаздарды жүргүзүүчү Э. Жумагулова, оператор М. Аблазов тарабынан 2024-жылдын 8-февралына карата жетондордун саны (терминалдарда жана сейфте) жана базарда калган автоунаалардын саны эсептелип чыкты. Эсептөөнүн жыйынтыгында жалпы жетондордун саны 2589 даана, андан сырткары сейфте 64 даана жана базарда калган автоунаалардын саны 904 дааналы түздү. Жалпысынан алганда эсеп боюнча 5500 жетондун ичинен болгону 3557 жетон иш жүзүндө бар экендиги же 1943 даанага аз экендиги аныкталды.

**Корутунду:**

Аудит учурунда жалпы наркы 359,5 миң сомду түзгөн 1943 даана шлагбаум жетондорунун кем чыгуусу аныкталды.

**Сунуштама:**

Аудит учурунда жалпы наркы 359,5 миң сомду түзгөн 1943 даана шлагбаум жетондорунун кем чыгуусу тиешелүү жооптуу кызматкерлер тарабынан калыбына келтирилсин.

**“Ош шаарынын мэриясынын жүргүнчүлөр транспортунун агенттиги” муниципалдык ишканасы боюнча:**

**Аныкталды жана Корутунду:**

Ишкананын жетекчисинин орун басары Ж. Бердиевге 12,6 миң сом эмгек акы боюнча ашыкча негизсиз төлөнүп кеткендиги жана ал сумма дебитордук карыз катары дагы көрсөтүлбөгөндүгү аныкталды. Аудит учурунда №93610 эсеп дүмүрчөгү менен ишкананын банктык эсебине калыбына келтирилди**.**

**Сунуштама:**

Эмгек акы боюнча ашыкча төлөмдөрдү жүргүзүүгө жол берилбесин.

**Аныкталды жана Корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 65-беренесин бузуу менен, кызматынан бошотулган алты адамдын эмгек китепчелери кайтарылып берилген эмес жана бүгүнкү күнгө чейин ишканада сакталып турат.

**Сунуштама:**

Кызматынан бошотулган адамдардын эмгек китепчелерин кайтарып берүү камсыз кылынсын.

**Аныкталды жана Корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 152-беренесинен четтөө менен “Ош шаарынын мэриясынын жүргүнчүлөр транспортунун агенттиги” муниципалдык ишканасынын кызмат ордуларына эч кандай квалификациялык талаптар аныкталган эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 152-беренесине ылайык, баардык кызмат ордуларына тиешелүү квалификациялык талаптар аныкталып, андан соң учурдагы кызматкерлердин квалификациялык талаптарга шайкеш келиши каралсын.

**Аныкталды:**

“Ажимаматов и сыновья” жоопкерчилиги чектелген коому менен түзүлгөн келишимдин негизинде, ал 117, 159–маршруттарды тейлейт. Аталган келишимдер өткөрүлгөн конкурстардын жыйынтыгы менен түзүлгөн. Бирок, келишим түзүүдө “Ош шаарынын мэриясынын жүргүнчүлөр транспортунун агенттиги” муниципалдык ишканасынын жооптуу кызматкерлери менен “Ажимаматов и сыновья” жоопкерчилиги чектелген коомунун ортосунда кызыкчылыктар кагылышы бар экендиги эске алынган эмес. Атап айтканда, “Ажимаматов и сыновья” жоопкерчилиги чектелген коомунун негиздөөчүсү Ажимаматов Жеңишбек жана жетекчиси Ажимаматов Азамат Жеңишбекович “Ош шаарынын мэриясынын жүргүнчүлөр транспортунун агенттиги” муниципалдык ишканасынын стратегиялык пландаштыруу, тендерге мониторинг жүргүзүзүү жана франшиза бөлүмүнүн башчысы Ажимаматов Чолпонбек Жеңишбековичтин жакын тууугандары (тиешелүү түрдө атасы жана бир тууганы) экендиги белгилүү болду. Белгилей кетүүчү жагдай, стратегиялык пландаштыруу, тендерге мониторинг жүргүзүзүү жана франшиза бөлүмү конкурстарды уюштурууга жана өткөрүүгө жооптуу.

**Корутунду:**

Жүргүнчүлөрдү ташуу келишимин түзүүдө “Ош шаарынын мэриясынын жүргүнчүлөр транспортунун агенттиги” муниципалдык ишканасынын жооптуу кызматкерлери менен “Ажимаматов и сыновья” жоопкерчилиги чектелген коомунун ортосунда кызыкчылыктардын кагылышы бар экендиги эске алынган эмес.

**Сунуштама:**

Конкурстарды өткөрүүдө кызыкчылыктардын кагылышын болтурбоо боюнча иш-чаралар көрүлсүн.

***Комментарий:***

Ажимаматов Азамат Жеңишбекович аталган конкурстарда комиссия мүчөсү болгон эмес.

**Ош шаарынын мэриясынын**
**Муниципалдык ипотекалык ишканасы боюнча:**

**Аныкталды:**

№6365 конкурсу боюнча Ош шаарынын мэриясынын Муниципалдык ипотекалык ишканасынын 2022-жылдын 27-июнунда бекитилген сатып алуулар боюнча жобонун 20-главасынын 1-бөлүгүнө шайкеш келбеген шартта “Дельта лот” ЖЧКсы техникалык талаптарга жооп бербегендигине карабастан, анын конкурстук табыштамасы четке кагылган эмес. Алсак:

1. №1-локалдык смета (жалпы курулуш жумуштары) – райондук коэффициенттер туура эмес эсептелген (глобальные начисления).

2. Бардык сметаларда жумушчулардын негизги эмгек акысынын суммасы жана башка сметаларда глобалдык эсептөөлөрдүн цифралары, техника каражаттарынын эксплуатациялоо акысы, анын ичинде, Мамлекеттик курулуш агенттиги тарабынан бекитилген механизаторлордун эмгек акысы төмөндөтүлгөн. Бул сметаны түзүү эрежелерин одоно бузуу болуп эсептелет.

3. Жумуштардын көлөмүнүн ведомостунда нормативдерин шифрлери жана позициялары көрсөтүлгөн эмес, ведомостто ишкананын мөөрү жана сметчиктин колтамгасы коюлган эмес. Катышуучу өзү түзгөн сметага ылайык аткарыла турган жумуштардын ведомостун сунуштоого тийиш болчу, бирок сатып алуучу ишкана тарабынан жарыяланган ведомостту көчүрүп эле, кайра сунуштаган.

4. Жалпы (Сводная) сметада катышуучу сатып алуучу ишкана жарыялаган жалпы сметада каралбаган жумуштардын түрлөрүн (кыш мезгилине карата баалардын жогорулоосу, убактылуу имараттар жана курулмалар) көрсөткөн.

**Корутунду:**

№6365 конкурсу боюнча Ош шаарынын мэриясынын Муниципалдык ипотекалык ишканасынын 2022-жылдын 27-июнунда бекитилген сатып алуулар боюнча жобонун 20-главасынын 1-бөлүгүнө шайкеш келбеген шартта “Дельта лот” ЖЧКсы техникалык талаптарга жооп бербегендигине карабастан, анын конкурстук табыштамасы четке кагылган эмес.

***Комментарийлер:***

2022-жылдын 7-октябрындагы №6365 “Ош шаарынын Набережная көчөсү, №2а дарегинде муниципалдык жер тилкесинде 9 кабаттуу турак үйдүн курулуш-монтаждоо жумуштарын чектелбеген усулду колдонуп сатып алуу” конкурсу боюнча сатып алуу комиссиясы тарабынан чечим кабыл алууда, сатып алуунун үнөмдүүлүгүн камсыз кылуу максатында “Дельта Лот” ЖЧКсын жеңүүчү катары аныктаган.

Себеби, сметаны эсептөөдө айрым мүчүлүштүктөрдү жана жетишпестиктерди эске алганда дагы (сатып алуу процессинин протоколунда көрсөтүлдү) конкурска катышкан “Дельта Лот” (315 828 805 сом) жана “СК Илбирс” (337 057 650 сом) ЖЧКсыларынын конкурстук билдирмелеринин бааларынын ортосундагы айрыма 21 228 845 сомду түзгөн (аймактык коэффициенттерди кайра тактап эсептөөнүн натыйжасын эсептегенден кийин).

**Аныкталды жана Корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген, “Мамлекеттик жана

муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибинин” 2-бөлүгүнүн 1-пункутунда каралган атаандаштыкты күчөтүү, тандоо процессинде берүүчүлөргө адилет, тең жана калыс мамиле кылуу принциптерин бузуу менен, өткөрүлгөн конкурстардын дээрлик көпчүлүгүндө аванстык төлөмдөр жүргүзүлөөрү белгиленген эмес.

***Комментарий:***

Ишкананын сатып алууларындагы аванстык төлөмдөрдү жөнгө салуу үчүн, конкурстук талаптарды коюуда атаандаштыкты камсыз кылуу максатында, Ош шаарынын мэриясынын Муниципалдык ипотекалык ишканасынын сатып алуулар боюнча Жобосуна тиешелүү өзгөртүү, толуктоолор киргизилип, Ош шаарынын мэриясынын 2023-жылдын 3-ноябрындагы №1020 токтому менен бекитилгенден кийин, анын негизинде иш алып барылууда.

**Сунуштама:**

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтому менен бекитилген, “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун типтүү тартибинин” талаптарын бузган кызматкерлердин жеке жоопкерчилиги каралсын.

**Оштогу муниципалдык “Жылуулук камсыздоо” ишканасы (мындан ары – Ишкана) боюнча:**

**Аныкталды жана Корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2018-жылдын 28-мартындагы № 166/51-6 “Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча 2018-2022-жылдарга (үчүнчү этап) Мамлекеттик программаны бекитүү жөнүндө” токтомунун талаптарын бузуу менен, 30141,6 миң сом өлчөмүндө накталай акча каражаттары менен кассалык операциялар жүргүзүлгөн.

Белгилеп кетүүчү нерсе, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2018-жылдын 28-мартындагы №166/51-6 “Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча 2018-2022-жылдарга мамлекеттик программасын” (үчүнчү этап) бекитүү жөнүндө” токтому, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 13-декабрындагы № 675 токтомуна ылайык күчүн жоготкон.

**Аныкталды жана Корутунду:**

Ишкананын эсептик маалыматы боюнча, 2022-жылдын 1-январына карата “Кыргызстан Улуттук электр тармагы” ачык акционердик коомунун (мындан ары - “КУЭТ” ААКсы) “Ош ПЭС” филиалынын алдында керектелген электр энергиясы боюнча кредитордук карызы 73574,5 миң сомду, эсептелген айыптар жана туумдар 102475,8 миң сомду түзгөн. 2022-жылдын 31-декабрына карата кредитордук карызы 155282,8 миң сомду, эсептелген айыптар жана туумдар 102475,8 миң сомду түздү. Аудитке, “КУЭТ” ААКсынын маалыматтары менен салыштырганда, иш жүзүндө берилген эсеп-фактуралар боюнча эсептешүүлөрдүн ай сайын салыштыруулары 2019-жылдын 1-майынан 2023-жылдын 31-октябрына чейинки мезгил үчүн берилди. 2019-жылдын 1-майынан кийинки мезгил 2019-жылдын 16-майына ишкана менен “Ошэлектро” ААКсынын ортосунда түзүлгөн жөнгө салуу келишиминен улам, 210920,0 миң сом суммасындагы керектелген электр энергиясы үчүн карызды, анын ичинде: 170235,0 миң сом негизги карызды жана 40685,0 миң сом туум жана бардык салыктарды камтыйт. Алсак, 2019-жылдын 1-майына карата Ишканынын “КУЭТ” ААКсынын алдындагы карызы 170234,3 миң сомду түзгөн, анын ичинде: электр энергиясы 151986,1 миң сомду, кошумча нарк салыгы 18238,3 миң сомду, сатуудан салыгы 9,9 миң сомду. “КУЭТ” ААКсынын “Ош ПЭС” филиалынын маалыматы боюнча, 210919,5 миң сомду, анын ичинде: электр энергиясы 151986,1 миң сомду, кошумча нарк салыгы 18238,3 миң сомду, сатуудан салыгы 9,9 миң сомду, туум 40685,2 миң сомду түзгөн. Ишкананын маалыматы боюнча, 2023-жылдын 1-ноябрына карата кредитордук карызы 422,8 миң сомду түзүп, электр энергиясы үчүн “КУЭТ” ААКсынын филиалына карыз болгон. “КУЭТ” ААКсынын “Ош ПЭС” филиалынын маалыматы боюнча, Ишкананын 13257,0 миң сомдук карызы бар (туумдарды эсепке албаганда). Маалыматтардын ортосундагы айырма 12834,2 миң сомду түзөт. Бирок, азыркы учурга карата түзүлгөн жөнгө салуу келишиминин шарттарына макул эместигин билдирип, аудитке ишкана боюнча ай сайын салыштырып текшерүү жыйынтыктарын 2015-жылдын 1-июлунан тартып 2023-жылдын 31-октябрына чейинки мезгил үчүн көрсөткөн. 2015-жылдын 1-июлуна карата Ишкананын жана “КУЭТ” ААКсынын “Ош ПЭС” филиалынын ортосундагы карыздарды эсепке алуунун окшоштугу аныкталган. Алсак, 01.07.2015-жылга карата ишкананын ААК алдындагы карызы 96048,5 миң сом, анын ичинде: электр энергиясы 84996,5 миң сом, кошумча нарк салыгы 10209,5 миң сом, сатуудан салыгы 842,5 миң сом. 2015-жылдын 1-июлуна карата, Ишкана менен “КУЭТ” ААКсынын “Ош ПЭС” филиалынын ортосундагы калдыгы окшош. 2015-жылдын июлунан тартып өзгөрө баштаган. Ишкананын маалыматы боюнча, 2023-жылдын 1-ноябрына алдын ала төлөө жүргүзүү эсебинен “КУЭТ” ААКсынын “Ош ПЭС” филиалы 42792,0 миң сом карыз. “КУЭТ” ААКсынын “Ош ПЭС” филиалынын маалыматы боюнча Ишкананын 13231,8 миң сом карызы бар (туумдарды эсепке албаганда).

**Сунуштама:**

**Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине:**

Оштогу муниципалдык “Жылуулук камсыздоо” ишканасына керектелген электр энергиясы үчүн, 2015-жылдан 1-июлунан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгилде иш жүзүндө берилген эсеп-фактуралар боюнча талдоонун негизинде, “Кыргызстан Улуттук электр тармагы” ачык акционердик коомунун “Ош ПЭС” филиалынын жана Оштогу муниципалдык “Жылуулук камсыздоо” ишканасынын эсептөөлөрүн салыштырып текшерүү жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана Корутунду:**

Ишканада автоунаа каражаттарына күйүүчү жана майлоочу заттардын чыгымдарынын ченеми эсептелген эмес. 2022-жылы күйүүчү жана майлоочу заттардын чыгашасынын бекитилген лимитисиз, учурунда сарпталгандыгы боюнча эсептен чыгаруу жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы №366 буйругу менен бекитилген, Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды чыгымдоонун линиялык ченемдерин колдонуу жана аларды эсептөө ыкмасынын тиркелген эрежелеринин негизинде тиешелүү хронометраж түзүлсүн жана автоунаа каражаттары боюнча жайкы жана кышкы мезгилдерде күйүүчү жана майлоочу заттардын чыгымдалышынын линиялык ченемдери эсептелсин жана чыгымдык лимити бекитилсин.

**Аныкталды жана Корутунду:**

Ишкананын директору тарабынан бекитилген жана Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин алдындагы энергетикалык көзөмөл боюнча кызматтынын Ош шаары, Ош жана Баткен областтары боюнча Региондор аралык башкармалыгы менен макулдашылган, 2022-2023-жылдардагы күз-кыш мезгилине карата ишкананын отканаларынын пландык эсептик ченемдик-техникалык көрсөткүчтөрүнө ылайык, ишканага электр энергиясын керектөө 85163,0 миң кВт/саат суммасында белгиленген, анын ичинде: жылытуу чыгымдарына 80989,0 миң кВт/саат, өздүк керектөөлөрүнө чыгымдар 4085,2 миң кВт/саат, трансформатордун короможусу 88,8 миң кВт/саат. Иш жүзүндө, 2022-жылы электр энергиясынын чыгымы 90934,4 миң кВт/саат өлчөмүндө жүргүзүлгөн же электр энергиясынын лимиттен ашыкча чыгымдалышы 5771,4 миң кВт/саат болуп, 16289,2 миң сомду түзгөн (5771,4*(256612,1/90934,4).

**Сунуштама:**

Электр энергиясын ишкананын от казандарынын күзгү-кышкы мезгилине белгиленген пландык эсептик-техникалык көрсөткүчтөрүнөн ашыкча чыгымдоого жол берилбесин.

**Аныкталды жана Корутунду:**

2022-жылы жеткирүүчүлөр 52714,5 миң сом суммасында товардык-материалдык баалуулуктарды жана кызматтарды алып келип беришкен жана аткарган, 53872,1 миң сом суммасында төлөм жүргүзүлгөн. 2022-жылдын

31-декабрына карата жеткирүүчүлөрдүн дебитордук карызы 1986,9 миң сомду, кредитордук карызы 829,3 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Жабдуучуларга жана иш аткаруучуларга товардык-материалдык баалуулуктарды жеткирүү жана кызматтарды аткаруу учурлары боюнча төлөө жүргүзүлсүн. Жабдуучулар жана иш аткаруучулар тарабынан дебитордук карыздардын пайда болушуна жол берилбесин.

**“Оштогу көрктөндүрүү жана жашылдандыруу чарба комбинаты” муниципалдык ишканасы боюнча:**

**Аныкталды жана Корутунду:**

Уставдын 1.1-пункутуна ылайык, “Оштогу көрктөндүрүү жана жашылдандыруу чарба комбинаты” чарба жүргүзүү укугуна негизделген муниципалдык ишкана (мындан ары - Ишкана) жана Ош шаарынын мэриясынын бөлүмчөсү болуп эсептелинет. Уставдын 1.4-пункутуна ылайык, ишкананын уюштуруучусу болуп, Ош шаарынын мэриясы саналат. Уставдын 3.1-пункутуна ылайык, Ишкананын мүлкүн, негизги жана жүгүртүү каражаттары, анын балансында турган финансылык ресурстары, ошондой эле, уюштуруучу өткөзүп берген мүлктөрү түзөт. Ишкананын мүлкү жана кирешелери муниципалдык менчик болуп саналат жана чарба жүргүзүү укугу менен ага таандык. Ишкана Уставдын көрсөтүлгөн пункуттарын бузуу менен, иш жүзүндө муниципалдык мекеме болуп саналат жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Ош шаардык финансы башкармалыгынын 4407011211003474 казыналык эсеби аркылуу, Ош шаарынын жергиликтүү бюджетинен каржыланат.

**Сунуштама:**

**Ош шаарынын мэриясына:**

“Оштогу көрктөндүрүү жана жашылдандыруу чарба комбинаты” муниципалдык ишканасынын финансылык-чарбалык ишин жүргүзүү менен, муниципалдык ишкана катары ишин уюштуруучу - Ош шаарынын мэриясы тарабынан тиешелүү бюджетинин бекитилиши жана аткарылышы Уставга ылайык келтирилсин жана көзөмөл жүргүзүлсүн.

Кирешелердин, чыгашалардын жана пайданын шарттары, Ош шаарынын мэриясы тарабынан ишканалардын бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчетту кабыл алуу, отчеттук мезгил үчүн алынган пайданы бөлүштүрүү боюнча чечимдер кабыл алынсын. Финансы-чарбалык иштерди жүргүзүүдө, республикалык жана жергиликтүү бюджеттерге тиешелүү салыктар жана жыйымдар төлөнсүн.

**Аныкталды жана Корутунду:**

Продукциянын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн баа тизмеси Ишкананын жетекчиси тарабынан бекитилет. Ошол эле учурда, баа тизмеси Ош шаарынын мэриясы менен макулдашылган эмес.

**Сунуштама:**

Ишкананын продукциясына жана кызмат көрсөтүүнүн башка түрлөрүнө баанын тизмеси Ош шаарынын мэриясы менен макулдашылсын.

**Аныкталды жана Корутунду:**

Ишкананын бекитилген жана макулдашылган штаттык бирдигинде "Жумушчулар" кызмат ордуна эмгек акынын туруктуу же убакыт боюнча формасы белгиленет, ал эми, жумушчуларга эмгек акы төлөөнүн аткарылган ишке жараша (сдельная) формасы белгиленет жана аткарган ишине жараша эмгек акы төлөнөт.

Дем алыш жана майрам күндөрү, ошондой эле, түнкүсүн жумушка чыгууну эске алуу менен аткарылган жумушуна ылайык, эмгек акы төлөө керек.

**Сунуштама:**

Ишкананын штаттык бирдигинде "Жумушчулар" кызмат орду боюнча эмгек акынын коюмдары аткарылган ишке жараша (сдельная) формасы белгиленсин жана дем алыш жана майрам күндөрү, ошондой эле, түнкү убакта жумушка чыгууну эске алуу менен, аткарган ишине жараша эмгек акы төлөнсүн.

**Аныкталды жана Корутунду:**

2022-жылдын 31-декабрына карата, жеке ишкер "Нурдинов" боюнча 33174 "Төлөнүүчү эсептер" эсебинде бюджеттик каражаттар боюнча эскирүү мөөнөтү менен, 2016-жылдан бери чарбалык товарларды жеткирүү үчүн 11,4 миң сом кредитордук карызы бар.

**Сунуштама:**

Камсыздоочулар жана подрядчылар тарабынан дебитордук жана кредитордук карыздардын пайда болушуна жол берилбесин.

2016-жылдан бери жеке ишкер "Нурдинов" боюнча 11,4 миң сомдук талап кылынбаган кредитордук карызды, тиешелүү түрдө ченемдик укуктук актыларга ылайык, эсептен чыгаруу маселеси каралсын.

**Аныкталды жана Корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген, "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттардын калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускамага ылайык, 2022-жылдын 31-декабрына карата бюджеттик каражаттардын эсебинен 6816,1 миң сом суммасында эсепке алууга тийиш болгон ашыкча запастар аныкталды.

**Сунуштама:**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Ош финансы башкармалыгына:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген, "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттардын

калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускамага ылайык, 2022-жылдын 31-декабрына карата 6816,1 миң сом суммасындагы бюджеттик каражаттардын ашыкча запастарын, 2023-жылдагы өздөштүрүүсүн эске алуу менен, бюджетке эсепке алуу каралсын.

**Аныкталды жана Корутунду:**

Ишкана тарабынан автоунаалар үчүн, күйүүчү-майлоочу майлардын чыгымдалышынын ченемдери эсептелген эмес. 2022-жылы күйүүчү-майлоочу майлардын бекитилген лимити жок, иш жүзүндө эсептен чыгарылган. Автотранспорттордун жол баракчаларында каттам, кетүү жана келүү даталары көрсөтүлөт, бирок сапарлардын башталышында жана аяктоосунда унаалардын жүрүү аралыгы көрсөтүлбөйт. Текшерүүдө, унаадагы басып өткөн жолду аныктоочу унаанын спидометри иштебей турганы аныкталды.

**Сунуштама:**

Унаалардын спидометрлери иштөө абалына келтирилсин, транспорт каражатынын жол баракчаларында, жүрүштүн башталышында жана аяктоосунда унаалардын жүрүү аралыгы көрсөтүлсүн, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы №366 буйругу менен бекитилген, Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды чыгымдоонун линиялык ченемдерин колдонуу жана аларды эсептөө ыкмасынын тиркелген эрежелерине ылайык, автоунаа каражаттары боюнча жайкы жана кышкы мезгилдерде күйүүчү-майлоочу материалдарды керектөөнүн линиялык ченемдерин эсептөө жана күйүүчү майды керектөө лимиттери бекитилсин жана күйүүчү-майлоочу майларды бекитилген лимиттер боюнча басып өткөн километрлердин негизинде жана кызматтык сапарларда гана эсептен чыгарылсын.

**Аныкталды жана Корутунду:**

2022-жылы, жеткирүүчүлөр 43305,7 миң сомдук товарларды жана материалдарды жеткирип беришкен жана кызмат көрсөтүүлөргө 44104,8 миң сомдук төлөмдөр жүргүзүлгөн. 2022-жылдын 31-декабрына карата жеткирүүчүлөрдүн дебитордук карызы 799,1 миң сомду түздү.

**Сунуштама:**

Жеткирүүчүлөргө жана иш аткаруучуларга товардык-материалдык баалуулуктарды жеткирүү жана кызматтарды аткаруу учурлары боюнча төлөө жүргүзүлсүн. Жеткирүүчүлөр жана иш аткаруучулар тарабынан дебитордук карыздардын пайда болуусуна жол берилбесин.

**Жогорудагы көрсөтүлгөндөрдөн тышкары, төмөндөгүлөр аныкталды:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптары төмөндөгү ишканаларда жана мекемелерде бузулган:

- "Ош шаардык жолдор" муниципалдык ишканасында, жогорудагы аталган жобонун 312-пункутун бузуу менен банктык кепилдиктер жок болгон

учурда жалпы 121318,3 миң сомго келишимдердин суммасынан 10 %дан ашык суммада авanстык төлөмдөр жүргүзүлгөн;

- "Ошсвет" муниципалдык ишканасында, жогорудагы аталган жобонун" 312-пункутун бузуу менен, келишимдердин суммасынан 10 %дан ашык 9183,9 миң сом жалпы суммасына аванстык төлөмдөр жүргүзүлгөн;

- Ош шаардык дене тарбия жана спорт комитетинде, жогорудагы аталган жобонун" 283-беренесин бузуу менен, материалдык жоопту тарап Ф.И. Садыков акчалай сыйлыктын таратылбай калган бөлүгүн 2,5 миң сомду кассага кайтарган эмес. Аудит учурунда калыбына келтирилди (2024-жылдын 15-январындагы №394500073 эсеп-дүмүрчөгү менен бюджетке кайтарылды);

- Ош шаарынын мэриясынын Капиталдык курулуш башкармалыгында, жогорудагы аталган жобонун" 312-пункутун бузуу менен, жалпы 267869,1 миң сомго келишимдердин суммасынан 10 %дан ашык суммада аванстык төлөмдөр жүргүзүлгөн;

- Ош шаарынын мэриясынын алдындагы автогараж мекемесинде, жогорудагы аталган жобонун 246-пункутунун талаптарын бузуу менен, негизсиз күйүүчү май, жол баракчалары толтурулбастан 4410 литр, суммасы 333,0 миң сом эсептен негизсиз чыгарылган;

- "Сулайман-Тоо" муниципалдык аймактык башкармалыгында:

1. Жогорудагы аталган жобонун 312-пункутун бузуу менен, банктык кепилдиктер жок болгон учурда жалпы 1101,0 миң сомго келишимдердин суммасынан 10 %дан ашык суммада аванстык төлөмдөр жүргүзүлгөн.

2. Башкармалык аудит камтыган мезгил аралыгында жалпы 75,0 миң сомго 1056 литр күйүүчү майлоочу материалдар (КММ) АИ-92 сатып алган. Күйүүчү майлоочу материалдарды эсептен чыгарууда, жогорудагы аталган жобонун 246-пункутунун талаптарын бузуу менен, таратып берүүчү ведомосттор (забордук карта (Форма 16), коштомо кагаз (накладаная) жок, жол баракчалар 6 айга бир толтурулуп, ал жерде жүргөн маршруттар жазылбай, биринчи 6 айда 5560 км, экинчи 6 айда 5000 км жүргөндүгүн көрсөтүп, күйүүчү майлоочу материалдар эсептен негизсиз чыгарылган;

- "Курманжан Датка" аймактык муниципалдык башкармалыгында, жогорудагы аталган жобонун" талаптары бузулуп, кабыл алуу эсеп-фактурасы боюнча баалуу эмес буюмдар (стулдар) 39,7 миң сомду түзүп, негизги каражаттардын курамына киргизилген. Ушуга байланыштуу, материалдык баалуу буюмдарынын баасын негизги жабдуулардын баасына көбөйтүү менен киргизүү жана аз баалуу жана тез эскирүүчү предметтер курамында эсептөө жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштамалар:**

**"Ош шаардык жолдор" муниципалдык ишканасына:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобонун 312-пунктунда жумуштарды аткарууга жана кызматтарды көрсөтүүгө авансылык төлөмдөрдүн өлчөмү контракттын (келишимдин)

суммасынан 10 пайызга чейин белгиленгендигине байланыштуу, “Ош шаардык жолдор” муниципалдык ишканасында жумуштарды аткарууга жана кызматтарды көрсөтүүгө авансылык төлөмдөрдүн өлчөмү контракттын (келишимдин) суммасынан 10 пайыздан ашык алдын ала төлөөлөр токтотулсун жана көзөмөлдөө күчөтүлсүн.

**“Ошсвет” муниципалдык ишканасына:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун 312-пункутун толук сактоо менен, кепилдик төлөм жок болгон учурда алдын ала төлөөлөр токтотулсун.

**Ош шаардык дене тарбия жана спорт комитетине:**

Материалдык жооптуу тараптар тарабынан таратылбай калган акча каражаттарын өз убагында кассага же тиешелүү бюджетке кайтарылышы көзөмөлгө алынсын.

**Ош шаарынын мэриясынын Капиталдык курулуш башкармалыгына:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобону толук сактоо менен, келишимдеги суммадан 10 %дан ашкан учурда, алдын ала төлөөлөр токтотулсун.

**Ош шаарынын мэриясынын алдындагы автогараж мекемесине:**

Күйүүчү майларды негизсиз эсептен чыгарууга жол берген жана бекитилген лимиттерди сактабаган кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**“Сулайман-Тоо” муниципалдык аймактык башкармалыгына:**

1. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча” жобонун талаптарын бузууга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобону толук сактоо менен, банктык кепилдиктер жок болгон учурда, келишимдеги суммадан 10 % ашкан учурда, алдын ала төлөөлөр токтотулсун.

2. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча” жобонун талаптарын бузууга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын жана товардык-материалдык баалуулуктардын эсеби, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун

уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун негизинде жүргүзүлсүн.

“**Курманжан Датка” аймактык муниципалдык башкармалыгына:**

Материалдык баалуу буюмдарынын баасын көбөйтүү менен киргизүү жана аз баалуу жана тез эскирүүчү предметтер курамында эсептөө боюнча иштер жүргүзүлсүн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө” токтомунун талаптары төмөндөгү мекеме, ишканаларда бузулган:

- Ош шаардык Кеңешинде, Кеңештин 2022-жылдын 20-январындагы №1а протоколунун чечими менен жетекчинин буйругу жок жетекчилик курамга 20 %, ал эми калган кызматкерлерге 25 % менен 457,1 миң сомго негизсиз кошумча төлөм жүргүзүлгөн. 2022-жылдын 17-июнундагы №39 жана 17-июнундагы №46 буйруктарынын негизинде, кызматкерлерге 30 % кошумча эмгек акы 24,4 миң сом жоопту болгон кызматкерлердин иш аткаргандыгы (функционалдык милдетинде көрсөтүлбөгөн) тууралуу отчету жок, төлөнүп берилген;

- “Ош-Тазалык” атайын адистештирилген муниципалдык ишканасында, аудит камтыган мезгил аралыгында “Ош-Тазалык” атайын адистештирилген муниципалдык ишканасынын айрым кызматкерлерине компьютерде иштөө үчүн кошумча үстөк акы жалпы 125,3 миң сомго ашыкча эсептелинген, ал эми камсыздандыруу төлөмү 17,25 % 21,6 миң сомду түзгөн;

- Оштогу муниципалдык “Жылуулук камсыздоо” ишканасында, эмгектин оор, зыяндуу, кооптуу же башка өзгөчө шарттары бар жумуш орундарынын тизмеси бекитилбестен жана жумуш орундарын тиешелүү аттестациялоодон өткөрбөстөн зыяндуулугу үчүн 2636,8 миң сом суммасында кошумча төлөмдөр эсептелип, төлөнгөн, ошондой эле, ишканада 2022-жылдын августунан декабрына чейин 178,2 миң сомду түзгөн компьютерде иштегендиги үчүн кошумча төлөмдөр эсептелип, төлөнгөн.

**Сунуштамалар:**

**Ош шаардык Кеңешине:**

Ош шаардык Кенешинин аппарат кызматкерлеринин эмгек акысына электромагниттик нурлануунун зыяндуулугу үчүн негизсиз кошумча акы төлөгөндүгү үчүн, ага тиешеси бар болгон кызматкерлердин жоопкерчиликтери каралсын, жетекчиликтин буйругунун негизинде иш алып барылсын.

Төлөм жүргүзүү иштери, жоопту болгон кызматкерлердин иш аткаргандыгы тууралуу отчетунун негизинде жетекчилик тарабынан көзөмөлгө алынып, төлөм жүргүзүлсүн.

**“Ош-Тазалык” атайын адистештирилген муниципалдык ишканасына:**

Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөдө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө” токтомунун талаптарын так сактоо камсыздалсын

**Оштогу муниципалдык “Жылуулук камсыздоо” ишканасына:**

Зыяндуулугу үчүн үстөк акы төлөө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө” токтомуна ылайык, оор, зыяндуу, кооптуу же башка өзгөчө эмгек шарттары бар жумуш орундарынын тизмегин жыл сайын кайра карап чыгуу менен, жумуш орундарын аттестациялоону өткөргөндөн кийин жүргүзүлсүн, ошондой эле, компьютерде иштегендиги үчүн үстөк акыларды эсептөө жана төлөө токтотулсун.

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптары төмөндөгү мекемелерде жана ишканаларда бузулган:

- Ош шаарынын мэриясында, аудит камтыган мезгил аралыгында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын каражаттарынын эсебинен түзүлгөн Резервдик фонддун каражаттарынын эсебинен конкурстар өткөрүлбөстөн туруп, накталай акча каражаттарына ар кандай жумуштарды 4502,0 миң сомго жана товарларды 5591,8 миң сомго, жалпы 10093,8 миң сомго иш чаралар жүргүзүлгөн;
- “Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык турак-жай-коммуналдык ишканасы” муниципалдык ишканасында, Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамы муниципалдык ишканалардын сатып алууларын жөнгө салбайт. Аталган Мыйзам күчүнө киргенге чейин “Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык турак-жай-коммуналдык ишканасы” муниципалдык ишканасы тарабынан берилген маалыматтарга ылайык, Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 15-апрелиндеги №72 “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын 21-беренесинин 1, 2-пункуттарында көрсөтүлгөн талаптары сакталбастан, тактап айтканда, кагаз жүзүндө суратып алынган коммерциялык сунуштарды веб-порталына жайгаштырылбастан, түз келишимдердин негизинде жалпы 1009,3 миң сомго жумуштарды жана запастарды сатып алуулар жүргүзүлгөн;

- Ош шаардык дене тарбия жана спорт комитетинде, № 220427329624462 конкурсу боюнча “Ак-ордо курулуш” ЖЧКсы өзүнүн конкурстук табыштамасынан баш тартканына карабастан, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пункутун бузуу менен, “Ак-ордо курулуш” ЖЧКсы ак ниет эмес берүүчүлөрдүн тизмесине сунушталган эмес.

№ 221212361175574 конкурсу боюнча окшош келишимдердин кайсы суммада болушу керектиги тууралуу талаптар жоктугуна карабастан, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 26-беренесинин 5-бөлүгүнүн 1-пункутун бузуу менен, “Сапат Премиум” ЖЧКсынын конкурстук табыштамасы, “окшош келишимдер аз” деген шилтеме менен негизсиз четке кагылган;

- “А. Сүйүнбаев атындагы Ош шаардык стадиону жана “Алай” футболдук клубу” муниципалдык ишканасында, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптары сакталбастан, конкурстар өткөрүлбөстөн, атайын эсептен накталай акчага 100,0 миң сомго тамак-аш азыктары сатып алынган;

- К. Ташбаев атындагы Ош шаарынын борборлоштурулган китепканасында, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин 1-пункутунун негизинде, Борборлоштурулган китепканасында сатып алуулар бөлүмү түзүлгөн эмес жана сатып алуулар боюнча сертификаттуу адис жок;

- Ош шаарынын мэриясынын алдындагы автогараж мекемесинде, конкурстарда төмөн баа берип, кайра ар кандай себептерден конкурска катышуудан баш тарткан айрым камсыздоочулардын айынан жалпы суммасы 75,1 миң сомго кызматтар жана товарлар сатылып алынган жана Ош мэриясынын алдындагы автогараж мекемеси, кайра ар кандай себептерден конкурска катышуудан баш тарткан айрым камсыздоочуларды ишенимсиз берүүчүлөрдүн тизмесине киргизүү үчүн, тиешелүү органга маалымдаган эмес. Мындан сырткары, 2022-жылы мамлекеттик сатып алуулар порталына жарыяланбай, жалпы 257,6 миң сомго күйүүчү майлар сатып алынган;

- “Курманжан Датка” аймактык муниципалдык башкармалыгында, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 3-апрелиндеги №72 жана 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 Мыйзамдарына тиешелүү 10, 9-беренелеринин талабына ылайык, сатып алуу бөлүмү түзүлгөн эмес;

- “Амир Темир” муниципалдык аймактык башкармалыгында, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 3-апрелиндеги № 72 Мыйзамынын 12-беренесинин 4-пунктунун талаптары бузулуп, 380,9 миң сомго офистик мебель сатып алуу, электр линияларын тартуу жана документтерди байлоо кызматын түз келишимде сатып алышкан.

- “Манас Ата” муниципалдык аймактык башкармалыгында, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын

2015-жылдын 3-апрелиндеги № 72 Мыйзамынын 3-беренесинин жана 12-беренесинин 4-пунктундагы *Мамлекеттик сатып алуулардын жылдык планында көрсөтүлбөгөн товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга жол берилбейт* деген талаптары бузулуп жана конкурс өткөрүлбөстөн жалпы 112,6 миң сомго түз сатып алуулар жүргүзүлгөн;

- “Туран” муниципалдык аймактык башкармалыгында, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 3-апрелиндеги №72 жана 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 Мыйзамдарына тиешелүү 10, 9-беренелеринин талабына ылайык, Башкармалыкта сатып алуу бөлүмү түзүлгөн эмес;
- Ош шаарынын мэриясынын “Ош шаардык жарандарды тейлөө бюросу” муниципалдык ишканасында, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптары сакталбастан, тактап айтканда, жалпы 53,0 миң сомго конкурс өткөрүлбөстөн сатып алуулар жүргүзүлгөн;
- Оштогу муниципалдык “Жылуулук камсыздоо” ишканасында, 2022-жылы, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын бузуу менен, сатып алуулардын тийиштүү жол-жоболорун жүргүзбөстөн, 314,4 миң сом суммасында товардык-материалдык баалуулуктарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга жол берилген.

**Сунуштамалар:**

**Ош шаарынын мэриясына:**

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын негизинде иштер жүргүзүлсүн, Резервдик фонддун каражаттарынын эсебинен конкурстар өткөрүлбөстөн туруп, накталай акча каражаттарына ар кандай жумуштарды жана товарларды сатып алуудагы тиешеси бар кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**“Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык турак-жай-коммуналдык ишканасы” муниципалдык ишканасына:**

“Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык турак-жай-коммуналдык ишканасы” Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу” токтомуна ылайык иш жүргүзүлсүн жана жоопту кызматкерлердин жоопкерчиликтери каралсын.

**Ош шаардык дене тарбия жана спорт комитетине:**

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарын бузган кызматкерлердин жеке жоопкерчилиги каралсын.

**- “А. Сүйүнбаев атындагы Ош шаардык стадиону жана “Алай” футболдук клубу” муниципалдык ишканасына:**

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын негизинде иш алып баруу жагы камсыздалсын жана

конкурстарды өткөрбөстөн, тамак аш азыктарын сатып алышкан кызмат адамдарга чара көрүлсүн.

**К. Ташбаев атындагы Ош шаарынын борборлоштурулган китепканасына:**

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарынын негизинде сатып алуулар бөлүмү түзүлсүн жана сатып алуулар боюнча сертификаттуу адис менен камсыздалсын.

**Ош шаарынын мэриясынын алдындагы автогараж мекемесине:**

Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптары так аткарылсын жана ушул Мыйзамдын жоболорун бузууларга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**“Курманжан Датка” аймактык муниципалдык башкармалыгына:**

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына ылайык, сатып алуу бөлүмү түзүлүп, адистеринин ичинен, сатып алуу боюнча окутуу курстарында билим алуу жагы каралсын.

**“Амир Темир” муниципалдык аймактык башкармалыгына:**

Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын негизинде иш жүргүзүлсүн.

**“Манас Ата” муниципалдык аймактык башкармалыгына:**

Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын негизинде иштер жүргүзүлсүн жана көзөмөл күчөтүлсүн.

**“Туран” муниципалдык аймактык башкармалыгына:**

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына ылайык, Башкармалыкта сатып алуу бөлүмү түзүлүп, адистеринин ичинен, сатып алуу боюнча окутуу курстарында билим алуу жагы каралсын.

**Ош шаарынын мэриясынын “Ош шаардык жарандарды тейлөө бюросу” муниципалдык ишканасына:**

Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын негизинде иш жүргүзүлсүн.

**Оштогу муниципалдык “Жылуулук камсыздоо” ишканасына:**

Товардык-материалдык баалуулуктарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, регламенттештирүү жана сатып алуулардын тиешелүү жол-жоболорун жүргүзүү камсыз кылынсын.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын аудитору** **П.С. Батиров**